Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЭНЕ ТИЛИ 2 ЖАНА ОКУУ САБАТТУУЛУГУ

1-БӨЛУК

*Жалпы орто билим берүүчү мектептердин
2-классы үчүн окуу китеби*

*Жаңыдан жаратылган 1-басылышы*

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим
берүү министрлиги тарабынан сунушталган*

ТАШКЕНТ – 2021

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

УЎК 17(075.3)
КБК 81.2(5Кир)я72
О 59

*Түзүүчүлөр:*
А. Тойчубаева, А. Юнусалиева, А. Зулпихорова,
Г. Элтуйдиева, М. Куганова

*Пикир жазгандар:*
**М. Темирова** – Андижан мамлекеттик университетинин Кыргыз тили жана адабияты багытынын доценти, Филология илимдери боюнча Философия доктору (PhD);
**М. Сулайманова** – Андижан мамлекеттик университетинин Кыргыз тили жана адабияты багытынын улук окутуучусу.

Эне тили жана окуу сабаттуулугу, 2-класс [Текст]: Окуу китеби (1-бөлүк) / А. Тойчубаева [жана башк.]. – Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2021. – 120 б.

ISBN 978-9943-7155-7-8

## ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР

– **Окуп түшүнүү**

– **Угуп түшүнүү**

– **Суроолорго жооп бер**

– **Сүрөт менен иштөө**

– **Грамматикалык тапшырма**

– **Макал**

– **Эреже**

– **Оюн**

– **Күлкүлүү жоруктар**

– **Табышмак**

*Республикалык максаттуу китеп фонду каражаттары эсебинен басылды*

*Оригинал макеттин дизайн концепциясы Республикалык билим берүү борбору тарабынан иштелген*

ISBN 978-9943-7155-7-8 © Республикалык билим берүү борбору, 2021



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ

## I БӨЛҮМ. МЕКЕНИМ – АЛТЫН ТУРАГЫМ

1-сабак. Өзбекстан – эгемендүү өлкө ....................................6
2-сабак. Мекен ........................................................................7
3-сабак. Ата журт ...................................................................8
4-сабак. Жаңы Өзбекстан ........................................................9

## II БӨЛҮМ. МЕН, СЕН, АЛ ЖАНА АЛАР

5-сабак. Мектебим – экинчи үйүм ...........................................10
6-сабак. Мектепте балдардын тартиби ....................................11
7-сабак. Ашкана эрежелери .....................................................13
8-сабак. Китеп эмнеге үйрөтөт? ..............................................14
9-сабак. Китепкана – сырдуу дүйнө .................................... 15
10- сабак. Мектебим ...................................................................17
11-сабак. Мектептеги тартип жана ереже ...............................18
12-сабак. Китебим – кут билимим .............................................20
13-сабак. Китеп ...........................................................................22
14-сабак. Илимдин баркы ..........................................................23
15-сабак. Эки жолдош ................................................................24
16-сабак. Шекер айылы ...............................................................26
17-сабак. “Экөө болчу” ................................................................27
18-сабак. Тилегим ........................................................................28
19-сабак. “Чамгыр” жомогу ........................................................30
20-сабак. Торгой менен дыйкан ..................................................32
21-сабак. Ууланган курмалар ......................................................34
22-сабак. Асан жана апасы ..........................................................36
23-сабак. Мугалим ........................................................................38
24-сабак. Мейманда отуруу адеби ..............................................39
25-сабак. Калп жаман ..................................................................40
26-сабак. Айт майрамдары ..........................................................42
27-сабак. Таенемдин майрамы .....................................................43
28-сабак. Билимиңди сынап көр ..................................................44



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## III БӨЛҮМ. ТАБИЯТТЫ КОРГОЙЛУ

29-сабак. Табият жана биз ....................................................46
30-сабак. Мекенимдин табияты ...........................................47
31-сабак. Күз. ...........................................................................4
9 32-сабак. Мураттын алма жегиси келет ..................................50
33-сабак. Чал менен Бекхан ...................................................52
34-сабак. Чабандес бала .........................................................54
35-сабак. Коруктагы жаныбарлар ...........................................55
36-37-сабак. Жыл жана анын төрт уулу ...................................56
38-сабак. Жер астында эмне бар? ...........................................58
39-сабак. Күз керемети ..........................................................59
40-сабак. Бала жана ак куулар ...............................................60
41-сабак. Учпоочу канаттуулар ...............................................62
42-сабак. Түлкү менен жүзүм ..................................................63
43-сабак. Карганын балапаны .................................................65
44-сабак. Тону бар күчүк .........................................................66
45-сабак. Суу ...........................................................................67
46-сабак. Бермет жана бака .....................................................68
47-сабак. Элдик байлык ...........................................................70
48-сабак. Дарактар канча жыл жашайт? ...................................72
49-сабак. Таш бака менен бугу ................................................73
50-сабак. Табият жана биз .......................................................75
51-сабак. Каркыра менен турна ................................................76
52-сабак. Билимиңди сына .......................................................77

## IV БӨЛҮМ. ТАЗАЛЫК – ДЕН СООЛУКТУН БУЛАГЫ

53-сабак. Тазалык деген эмне? ...............................................78
54-сабак. Туура тамактануу жана ден соолук ..........................79
55-сабак. Баары бир ..................................................................81
56-сабак. Туура тамактануунун алтын эрежеси .......................82
57-сабак. Эң эле керек үч нерсе ..............................................84
58-сабак. Тазалык – ден соолуктун булагы ..............................85
59-сабак. Апасы эмнеге капаланды? .......................................86



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

60-сабак. Кичинекей көнүгүү ....................................................87
61-сабак. Бакыт-таалай каякта? ..............................................88
62-сабак. Бөбөккө ................................................................................89
63-сабак. Билиминди бышыкта ................................................................90
64-сабак. Ашыкканда кийиптир .............................................91
65-66-сабак. Тырмак ........................................................................92
67-сабак. Таза аба менен дем алуу ............................................9
4 68-сабак. Тоого ким барат? ......................................................95
69-сабак. Чыпалак бала ......................................................................96
70-71-сабак. Куурчак жана бала .............................................97
72-73-сабак. Тамак ичүү адеби .................................................99
74-сабак. Не дейбиз? ................................................................... 100
75-сабак. Кел эсептеп чыгалы ..............................................101
76-сабак. Ойногун спорт оюнун ..........................................102
77-78-сабак. Логикалык суроолор ........................................101

## V БӨЛҮМ. КЕСИБИМ – СЫЙМЫГЫМ

79-80-сабак. Өнөр – эл байлыгы ...........................................104
81-сабак. Кыргыздын боз үйү .....................................................106
82-83-сабак. Өнөрдүн пайдасы ...............................................107
84-сабак. Достук ..........................................................................108
85-86-сабак. Өнөрлүү өлбөйт .................................................109
87-сабак. Уста болом .......................................................................111
88-сабак. Темир уста .....................................................................112
89-90-сабак. Алгачкы эмгек акым .......................................113
91-сабак. Ардактуу кесип ээлери .........................................115
92-сабак. Баланын тилеги ..........................................................116
93-94-сабак. Улуу комузчу .......................................................117
95-сабак. Ким болсом экен? ......................................................118
96-сабак. Кыш ..................................................................................120



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1-
сабак

I БӨЛҮМ. МЕКЕНИМ – АЛТЫН ТУРАГЫМ!

# ӨЗБЕКСТАН – МЕКЕНИМ




Эгемендикти эңсеген элибиз эзелтеден өз эркиндиги үчүн күрөшүп келген. Өз алдынча өлкө болуу улуу максаты эле. Элибиз көксөгөн күн 1991-жылдын 31-августу тарых барактарына алтын тамгалар менен жазылып калды. Ошол күнү Өзбекстан өзүнүн эркин, көз карандысыз өлкө экендигин дүйнөгө жарыялады.

1991-жыл 1-сентябрь Өзбекстан Республикасынын эгемендүүлүк күнү деп белгиленди. Бул майрам өлкөбүздө ар жылы жогорку деңгээлде майрамдалат.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Элибиздин улуу максаты эмне эле?
2. Өзбекстан Республикасынын эгемендүүлүк күнүн качан белгилейбиз?
3. Сен да майрамга катышкансыңбы?

### ТЫБЫШ ЖАНА ТАМГА

Биз сүйлөгөндө угулган айрым үндөр тыбыш деп аталат. Тыбыштарды белгилөө үчүн алынган белги тамга деп аталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МЕКЕН

2-сабак

Ак кептер койнун ээлеген,
Апамдай сүйкүм кең мекен.
Ар дайым атап атыңды,
Ар дайым толкуйм сен десем.

Атагың уккан дегдешет,
Алыстан көрүп эл келет.
Ааламда сонун жайлар көп,
Кайсысы сага теңдешет.

Тырмактай болуп жаралып,
Туулган жер көнсөң оюма.
Көрсөтөр элем дүйнөгө,
Көтөрүп жүрүп колума.



*Байдылда Сарногоев*

## Суроолорго жооп бер

1. Мекен деген эмне?
2. Акын эмнени дүйнөгө көрсөтөт элем деп жатат?
3. Өзүңдүн туулуп өскөн жериң жөнүндө сүйлөп бер.

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Тынчтык менен эл көгөрөт,
Жамгыр менен жер көгөрөт.

**Тамгалардан сөз жаса.**

А Н К Е Т

Е М Л Ы П



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

3-сабак

# АТА ЖУРТ



Кымбаттуу досум, сен жашаган жер кандай аталат? Анын кандай өзгөчөлүктөрү сага жагат, сен үчүн анын эмнеси кооз жана баалуу? Бул суроолорду ойлоп көрдүң беле?

Бул сөздөрдү козгоп жатканым бекеринен эмес. Эми Мекен жөнүндө ой жүгүртүү, анын келечегин ойлоо сенин да милдетиң. Кайсыл жерде жашасаң да, кайсыл жерде жүрсөң да, ата-бабаң жашап, өзүң туулуп өскөн жериң – Ата Журтуң болуп эсептелет.

Илгери-илгери өткөн чоң аталарыбыз ар кимиси өзүнчө жер ээлеп, үй салып, мал багып жашаптыр. Кээ бирлери дыйканчылык кылышчу экен. Ошол жерди журт деп аташкан. Ал эми ошол аталар жашаган жер Ата Журт же атамдын журту делген. Ал жерде чоң аталарың, алардын аталары жашап өткөн. Сен ошол жердин суусун ичип, абасынан дем алып, чоңоюп келе жатасың. Адамга баарынан туулуп өскөн жери кымбат.

*Сулайман Рысбаев*

## ? Суроолорго жооп бер

1. Ата Журт деген эмне?
2. Кандай жерди журт деп аташат?
3. Өзүңдүн туулуп өскөн Мекениң жөнүндө айтып бер.

## Грамматикалык тапшырма

**Төмөнкү сөздөрдү тыбыш жана тамгага ажырат.**

Өскөн – 5 тамга, 5 тыбыш, журт – 4 тамга 4 тыбыш, кооз – ?, суусун – ?, чоңоюп – ?.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЖАҢЫ ӨЗБЕКСТАН

4-сабак



## Суроолорго жооп бер

1. Сүрөттө эмнелерди көрүп жатасың?
2. Жаңы Өзбекстан дегенде эмнени түшүнөсүң?
3. Сүрөттүн негизинде 4-5 сүйлөмдөн турган чакан текст түз.

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Булбул гүлзарын сүйөт,
Адам мекенин сүйөт.

### ТЫБЫШТАРДЫН БӨЛҮНҮШҮ

Кыргыз тилиндеги тыбыштар үндүү жана үнсүз тыбыштар болуп эки топко бөлүнөт.

Мисалы:

(а) – тоскоолдукка учурабай жасалса,
(т) – тил аркылуу тоскоолдукка учурайт.

## Грамматикалык тапшырма

**Төмөнкү сөздөрдү тыбыш жана тамгага ажырат.**

*Мисалы:* А, ат, ата, аска, асман. У, ук, ...

**Сөздөрдү тыбыш жана тамгага ажырат.**

| сөз | тамга | тыбыш |
|---|---|---|
| мекен | 5 | 5 |
| дептер | 6 | ? |
| апамдай | ? | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

5-сабак

## II БӨЛҮМ. МЕН, СЕН, АЛ ЖАНА АЛАР

# МЕКТЕБИМ – ЭКИНЧИ ҮЙҮМ



Биздин мектеп айылдын ортосунда жайгашкан. Айланасы тоолор менен курчалган. Мектептин чоң багы бар. Бактын четине арчалар эгилген. Алар мектепке өзгөчө көрк берип турат.

Мектебибиз эки кабаттуу. Мектепте ар улуттун балдары окушат. Мен экинчи класста окуймун. Менин класс жетекчим – Самара Мамитовна. Ал бизге сабак берет. Бош убактыбызда «Көркөм окуу», «Сулуу жазуу», «Жаш математик» ийримине катышабыз. Мектептин алдында кооз гүлдөр өсөт. Арт жагында спорт аянтчасы бар. Мектепте ашкана, китепкана жана көптөгөн кабинеттер бар. Мектеп бизге билим жана тарбия берет. Ал биздин экинчи үйүбүз. Биз мектебибизди өз үйүбүздөй сактайбыз.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Мектеп кайда жайгашкан?
2. Окуучулар кандай ийримдерге катышышат?
3. Мектеп эмне үчүн экинчи үйүбүз экен?

## Грамматикалык тапшырма

**Тексттеги сөздөрдөн үндүү жана үнсүз тыбыштар менен башталган сөздөрдү таап айт.**

| үндүү тыбыштар менен башталган сөздөр | үнсүз тыбыштар менен башталган сөздөр |
|---|---|
| Айылдын, айланасы,... | Биздин, мектеп, .... |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МЕКТЕПТЕ БАЛДАРДЫН ТАРТИБИ

6-сабак



Абыл окуган мектепте тартип жок эле. Сабак маалында балдар тарсылдатып ойной берүүчү. Балдар бирин-бири жаман сөз менен сөгүшүүдөн да кайтуучу эмес.

– Балдар, мектепте тартипти өзүңөр түзөгүлө эми, – деди бир күнү мугалим.

Балдар тартип түзөмөк болушуп, өз ара жыйын кылышты. Жыйынды алып баруу үчүн жыйын башчы кылып Абылды шайлашты. Абыл сөз сүйлөй турган балдарга кезек менен сөз берип турду. Балдардын бир катары сүйлөп бүткөн соң, мындай токтом чыкты:

– Кимде-ким сабак учурунда чуулдап, тынчтыкты кетирсе, жаман сөз менен биреөнү-биреө сөксө, ошол баланы жолдошубуз деп санабайбыз, ал бала менен бирге ойнобойбуз.

Бул токтомдон кийин мектепте окуу жакшы жүрдү. Мектеп тартибин балдар өзү гана түзөй алат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Суроолорго жооп бер

1. Абыл окуган мектепте балдардын тартиби кандай экен?
2. Өз тартиптерин балдар кантип оңдомой болушту?
3. Силердин классыңарда балдардын тартиби кандай?

## «Кайсы түс биринчи» оюну

**Мектеп тартибин балдар өзү гана түзөй алат.**

**Балдар тартип түзөмөк болушуп, өз ара жыйын кылышты.**

**Абыл окуган мектепте тартип жок эле.**

**Абыл сөз сүйлөй турган балдарга кезек менен сөз берип турду.**

**Бул токтомдон кийин мектепте окуу жакшы жүрдү.**

### ҮНДҮҮ ТЫБЫШТАР

Үндүү тыбыштарды айтканда аба ооз ичинде эч кандай тоскоолдукка учурабай эркин чыгат.

Мисалы: а, э (е), о, ө, ы, и, у, ү.

Аа, ээ, оо, уу, өө, үү.

## Грамматикалык тапшырма

**Үндүү тыбыштар менен башталган сөздөрдү айт.**
Мисалы: Абыл, окуу, ....

Тексттеги үндүү тыбыштар менен башталган сөздөрдү оку.

## «Улантып кет» оюну.

Үндүү тамгалар менен башталган сөздөрдү айтуу менен оюнду улант.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# АШКАНА ЭРЕЖЕЛЕРИ

7-сабак



## Суроолорго жооп бер

1. Сүрөттүн негизинде чакан текст түз.
2. Ашканадагы жүрүм-турум эрежелерин билесиңби?
3. Жогорудагы сүрөттөрдө кандай эрежелер көрсөтүлгөн?

## Грамматикалык тапшырма

**Үндүү тамгалар менен башталган адамдын аттарын айтуу менен мелдешкиле.**

Мисалы: Айжан, Улан, Умут,...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 8-сабак
# КИТЕП ЭМНЕГЕ ҮЙРӨТӨТ?

– Ата, эмне үчүн сиз көптү билесиз? – деп сурады баласы атасынан.

– Менин эң жакшы досум жана окутуучум бар, – деди атасы. – Ал бардыгын билет жана мага үйрөтөт.

– Сиздин окутуучуңуз кайда? Эмне үчүн мен аны көргөнүм жок? – деди баласы.

– Ал мына, – деди атасы китептерди көрсөтүп. – Китептер мага алыскы өлкөлөр жөнүндө айтып берди. Мына бул китеп адамдар мурда кандай жашагандыгы жөнүндө айтып берди. Китепти канчалык көп окусаң, ошончолук көптү билесиң.



## Суроолорго жооп бер

1. Сен китеп окуганды жакшы көрөсүңбү?
2. Китеп эмнеге үйрөтөт?
3. Үйүңдө кандай китептер бар?

## Табышмак

Сүйлөбөйт, ар нерсени айтып,
Ал нерсе бүт балдарга абдан керек.
Ичинде жазып койгон нечен сыр бар,
Ойлонуп, муну кимдер таап берет?

## Грамматикалык тапшырма

**Сүйлөмдү толуктап оку.**

Менин эң жакшы___________жана окутуучум бар.
Китеп бардыгын _____ жана мага үйрөтөт.
Китеп адамдарга __________жөнүндө айтып берет.
Китепти канчалык көп _______, ____________билесиң.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИТЕПКАНА – СЫРДУУ ДҮЙНӨ

9-сабак



## Суроолорго жооп бер

1. Сен да китепканага мүчө болгонсуңбу?
2. Китепканадан кандай китептерди алып окугансың?
3. Өзүң окуган китептер жөнүндө сүйлөп бер.

## Грамматикалык тапшырма

**Кайсы тамга жок? Тап**

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | К | ? | Т | ? | П | | | |
| 2. | К | ? | Н | Д | ? | Л | ? | К |
| 3. | ? | Ч | ? | Р | Г | ? | Ч | |
| 4. | Б | ? | Ё | К | | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Күч билимде, билим китепте.

Көп окусаң алысты көрөсүң.

Китеп – акыл чырагы

## Досторундун жоруктарынан

### МУГАЛИМ УРУШАТ

Сынак бүттү. Эки классташ сынак тууралуу сүйлөшүп калышат. Биринчиси:

– Сен суроолорго кандай жооп бердиң, – дейт.

Анда экинчиси кебелбей:

– Биреөсүнө да жооп берген жокмун. Актай баракты эле бердим, – дейт. Аны угуп аябай кайгырган биринчиси:

– Анда мугалим экөөбүздү урушат экен. Мен дагы биреөнө да жооп берген жокмун. Актай барак бердим. Эми бири-бирибизден көчүрүп алды деп эжейибиз урушпаса экен.

### ҮНДҮҮ ТЫБЫШТАР

Үндүү тыбыштар ичке жана жоон үндүүлөр болуп экиге бөлүнөт.


### ИЧКЕ ҮНДҮҮЛӨР

Кыргыз тилиндеги ичке үндүүлөр булар: э(е), ө, и, ү.
Мисалы: элик, өрүк, үкү, ителги.

## Грамматикалык тапшырма

**Сүрөттөрдүн аттарын таап, кандай тыбыш менен башталганын айт жана тыбыштык талдоо жүргүз.**





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# МЕКТЕБИМ

Таттуу экен Мекеним,
Татынакай мектебим.
Тарбияңды үйрөнүп (ай),
Таалай гүлүн эккеним.

Колдо болуп дептериң,
Ачып китеп беттерин.
Жакын болгон ушунча (ай),
Жандай сүйгөн мектебим.

Билим гүлүн сепкениң,
Билгин алтын мектебим.
Ата-энемден артыкча (ай),
Айткан акыл кептериң.



*Исабек Исаков*

## Суроолорго жооп бер

1. Ыр сага жактыбы?
2. Ата-энемден артыкча (ай),
   Айткан акыл кептериң.
   Бул ыр саптарын кандай түшүндүң?
3. Ырды жаттап ал.

## Грамматикалык тапшырма

**Эки топко бөлүнүп, ырдан ичке үндүүлөр катышкан сөздөрдү тапкыла.**

| Э, И, Ү, Ө | Э, И, Ү, Ө |
|---|---|
| **Экен, китеп** | **үйрөнүп, гүлүн** |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 11-сабак МЕКТЕПТЕГИ ТАРТИП ЖАНА ЭРЕЖЕ



## Суроолорго жооп бер

1. Сүрөттөгү окуучулардын тартиби кандай деп ойлойсуң?
2. Мектеп дубалына, партага жазган окуучуларды ким деп атайсың?
3. Мектептеги тартип жана эрежелерди билесиңби?

## ЭСИҢЕ САКТА!

**Окуучунун тартип жана эрежеси:**

- танапис убагында өзүңдү тынч, тартиптүү алып жүр;
- коридор жана тепкичтерде жолдун оң жагында жүр;
- улууларга жол бер, салам берүүнү унутпа;
- башкаларды түртүп кетпе, алдыга улууларды жана кыздарды коё бер;
- мектеп мүлкүн көз карегиндей сакта.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## МЕН ЖАНА ДОСУМ

Сен досуң менен эмне кыласың? Берилген диаграмманы толтур.

**МЕН**



– бирге окуйбуз.
– китепканага барабыз.
– ____________________
– ____________________
– ____________________

**ДОСУМ**



### Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Жакшы менен жүрсөң, жетесиң муратка,
Жаман менен жүрсөң, каласың уятка.

### Грамматикалык тапшырма

**Сөздөргө сүйлөм түз. Ар бир сөздөгү ичке үндүүлөрдү айтып бер.**

| сөз | Сүйлөм |
|---|---|
| Үмүт | Үмүт китепканага барды. |
| эже | ? |
| Өмүркан | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

12-
сабак

# КИТЕБИМ — КУТ БИЛИМИМ



Китеп — казына. Китеп өткөн байыркы кылымдарда эле пайда болгон. Ал мезгилдерде ар түрдүү көрүнүштөрдө даярдалган. Эң алгач китепти ылайдан даярдашкан. Дарактардын жалбырактарына, тактайга, атүгүл үңкүрлөрдүн боорлору менен кучак жеткис таш казыктарга да жазышкан.

Кийинчерээк жаныбарлардын терилерине, жибек кездемелерге, андан кийин кагазга жазып, китеп даярдашкан. Китептин формасы да түрдүүчө болгон. Бийиктиги бир жарым метрден ашкан китептер болгон. Ошону менен бирге эле, ширеңкенин кутусундай, андан да кичине китептер болгон.

Китепти басып чыгаруу да өтө татаал иш. Жылдан жылга китеп басып чыгаруунун жолдору өркүндөп барууда. Мурда китептерди жазуучу машинкаларда теришкен. Азыр аларды компьютердин жардамында оңой эле жазышат. Андан кийин басмаканаларга жиберишет. Барактарын машиналар тигет. Ардактуу досум, колуңдагы китептерди этият кылып пайдалан. Анын жаралуусунда сенин ата-энең сыяктуу көптөгөн адамдардын эмгеги жатат!



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Суроолорго жооп бер

1. Китептин кандай түрлөрүн билип алдың?
2. Китеп кандайча даярдалат экен?
3. Китепти кандай сакташыбыз керек?

## Грамматикалык тапшырма

**Тексттеги жоон үндүүлөр катышкан сөздөрдү таап айт.**

Мисалы: байыркы, дарак, басма,...

## «Сөздөн сөз жаса» оюну.

Үндүү тамгалар менен башталган сөздөрдү айтуу менен оюнду улант.

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| К | И | Т | Е | П | К | А | Н | А |





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 13-сабак КИТЕП

Китеп деген бир укмуш,
Камтыйт аалам сырларын.
Талбай окуп, түшүнүп,
Акылдуу бол, бил баарын.

Китеп өзү сыйкырдуу,
Бүт кубулуш ичинде.
Үйрөнгүнүң бүт жумшап,
Эркиң менен күчүңдү.



*Алматай Чойбекова*

## Суроолорго жооп бер

1. Китепти кандай окууну билесиңби?
2. Китеп эмне үчүн укмуш экен?
3. Эркиң менен күчүңдү жумшап эмне кылуу керек дейт?


## Табышмак

Абдан сүйөбүз аны,
Түркүн-түмөн мазмуну.
Балдардын ал жакыны,
Сүрөт толо барагы.
Кана, досум, айта кет!
Эстеген дейт, бул – ... .



## Сүрөт менен иштөө

**Сүрөттөргө сүйлөм түз. Жоон үндүүлөрдү айтып бер.**






**Тилибизди жатыктырабыз.**

Ала-Тоодо аралча бар,
Аралчада ала арча бар.
Ала-арчада аралча бар,
Ала-арчада бала арча бар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ИЛИМДИН БАРКЫ

14-сабак



Элибиздин улуу инсаны, илим дүйнөсүнүн жаркын жылдызы Мырза Улукбек илимдин баалуулугу, окумуштуулуктун кадыр-баркы жөнүндө мындайча ой билдирет: «Күндөрдүн биринде мен чоң атам, жаангер Амир Темурдун тизесинде ойноп отурган элем. Капыстан чоң атамдын устаттарынан бири сарайга кирип келип калды. Аны көргөн чоң атам карбаластап, шашып кетти. Тизесинде менин отурганымды да эсинен чыгарып, ордунан шап тура калып, устатын күтүп алганга ашыкты. Мен ошондо чоң атамдын өзү бир элдин падышасы боло туруп, илимдин ээси болгон устатын ушунчалык урматтаганына түшүнбөгөн элем. Анын алдында баш ийип, урмат сактап турганын көрүп, мен дагы келечекте падышалык менен бирге илимдин да ээси болууну чечтим».

*Гайратбек Токтобаев*

## Суроолорго жооп бер

1. Мырза Улукбек бабабыз жана анын чоң атасы жаангер Амир Темур жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Илимдин баркы кандай экен?

## Грамматикалык тапшырма

**Ичке жана жоон үндүүлөр менен башталган сөздөрдү, ичке жана жоон үндүүлөр катышкан сөздөрдү жаз.**

| ичке үндүүлөр | жоон үндүүлөр | ичке жана жоон үндүүлөр катышкан сөздөр |
|---|---|---|
| элибиз | жаркын | Улукбек |
| илим | жылдыз | ? |
| ? | ? | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

15-сабак

## ЭКИ ЖОЛДОШ

Токойду аралап эки жолдош келаткан эле. Капысынан экөөнүн алдынан бир аюу чыгып калды. Балдар коркуп кетишти. Балдардын бирөө зымырыган бойдон жыгачка чыга качып, жашырынып калды, а бирөө жолдо калды. Айласы кеткен бала жерге жатып, өлүмүш болуп алды.

Аюу жанына келип жыттап көрдү: ал демин да чыгарган жок.

Аюу бетинен жыттады да, аны өлүп калган экен деп, басып кетти.

Аюу кеткенден кийин, берки жолдошу жыгачтан түштү да, күлүп:

– И, дос, аюу кулагыңа эмне деп шыбырады? – деди.

– Аюу мага: жаман кишилер коркунучта жолдошторун таштап качышат. Андайлар менен дос болбо деди, – деп жооп кайтарды.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Суроолорго жооп бер

1. Эки дос эмнеден коркуп кетти?
2. Сен ошол жерде болгондо, эмне кылат элең?
2. Аюу чындап эле ошентип айтты деп ойлойсуңбу?

**Жаңылмачты жатка айт.**

Гүлдөр гүлдөп,
Гүлүн ачты.
Гүлүнөн булбул
Үнүн ачты.
Үнүнөн гүлдөр
Жыпар чачты.
Жыпардан булбул
Толкуп-ташты.

### ҮНДҮҮ ТЫБЫШТАР

Үндүү тыбыштар созулма жана кыска болуп бөлүнөт.
Кыска үндүүлөр: а, ы, о, у, ү, э(е), и. (8)
Созулма үндүүлөр: аа, оо, өө, уу, үү, ээ. (6)
Мисалы: Шар, ун, оймо, ... күү, төө.

## Грамматикалык тапшырма

**Кыска жана созулма үндүүлөр катышкан сөздөрдү айтып бер.**

| Кыска үндүүлөр | Созулма үндүүлөр |
|---|---|
| асман | талаа |
| эчки | ? |
| ? | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 16-сабак ШЕКЕР АЙЫЛЫ

Чыңгыз атабыздын кичи мекени болуп Шекер айылы саналат. Ал Талас жергесинде жайгашкан. Сыртынан караганда кадыресе эли миңдеген айыл-кыштактар сыяктуу. Бирок анын ар бир жери, суусу, тоосу, абасы, адамдары улуу таланттын өсүшүнө, калыптанышына шарт түзгөн. Бул жер ошонусу менен бизге улуу көрүнөт. Ар ким өзүнүн туулуп-өскөн айылын сагынат тура. Азыр Чыңгыз атабыз жашаган үй музейге айланган. Чыңгыз атабыздын талантын сыйлашып, дүйнөнүн төрт бурчунан коноктор келип турушат. Жашаган үйү гана эмес, жалпы Шекер айылы музейге айланышы мүмкүн.



## Суроолорго жооп бер

1. Чыңгыз Айтматов жөнүндө уктуң беле?
2. Ал ким болгон?
3. Кайсы айылда туулган экен?

## Грамматикалык тапшырма

**Кыска үндүүлөр менен башталган сөздөрду тексттен тап.**

Мисалы: Атабыз, айылы,...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# “ЭКӨӨ БОЛЧУ”

17-сабак

Айжаз сабактан келип, өзүнүн бөлмөсүнө кирди. Күзгүгө каранса, анын текчесинде эки кызыл алма туруптур. Ал сүйүнүп, алмалардын бирин алды да, ашканага кетти. Алманы жесе, аябай ширин экен. “Аны кызым келгенде жесин” деп катып койгон апасына ыраазы болду Айжаз.

Алманы жеп бүтүп, кайрадан өзүнүн бөлмөсүнө келди. Барса, күзгүнүн текчесинде калган дагы бир алма жок...

“Экөө эмес беле? Бирин ким жеп кетти?”– деп ыйлагысы келди Айжаздын.

Бирок үйдө Айжаздан башка эч ким жок болчу.

Чын эле, алманын бири кайда кетти? Табышып койгулачы...



## Суроолорго жооп бер

1. Айжаз күзгүнүн алдынан канча алма көрдү?
2. Ал бир алманы өзү жесе, экинчи алма кайда жоголуп калды деп ойлойсуң?
3. Күзгүнүн жанына буюмунду коюп көрчү? Эмнени байкадың?

| Тамга | Сөз | Сүйлөм |
|---|---|---|
| а | алма | Алма аябай ширин экен. |
| ө | бөлмө | ? |
| ү | ? | ? |
| ? | ? | ? |

## «Улантып кет» оюну.

**Мөмө-жемиштердин аттарын улантып айт жана кыска үндүүлөрдү тап.**

Мисалы: Жүзүм, шабдалы, ...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## ТИЛЕГИМ

Ардактаган энемдей,
Мектебимди сүйөмүн.
Мектепте билим кени бар,
Үйрөнөмүн билемин.

Шыңгыраса коңгуроо,
Классыма киремин.
Окуу менин таалайым,
Окуу менин тилегим.

Окуу окуп жетилип,
Октой тез кушка минемин.
Күркүрөтүп моторун,
Көк булутту жиреймин.



*Алыкул Усөнбаев*

## Суроолорго жооп бер

1. Ыр эмне жөнүндө экен?
2. Коңгуроо эмне үчүн кагылат?
3. Коңгуроо кагылгандан кийин да сыртта жүрсө болобу?

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Акыл – деңизден терең.

Билим – тоодон бийик

### СОЗУЛМА ҮНДҮҮЛӨР

Созулма үндүүлөр эки кыска үндүү тыбыштын катар айтылышы жана жазылышы менен белгиленет. Аларды айтканда үн кыска үндүүлөргө караганда эки эсе созулуп айтылат. Бирок алар бир гана тыбышты берет.


Мисалы: а+а=аа, о+о=оо талаа, тоо, жөө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


## Эсиңе сакта




## Грамматикалык тапшырма

**Төмөнкү сүрөттөрдүн аттарын айтып бер, кайсы созулма үндүүлөр катышты.**











*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 19-сабак «ЧАМГЫР» ЖОМОГУ

Бир абышка чамгыр отургузат. Чамгыр абдан чоң болуп өсөт. Абышка чамгырды жулуп алайын десе жерден суурулбайт. Тартып-тартып чыгара албайт. Кемпирин чакырат. Кемпири абышканы, абышка чамгырды тартып-тартып чыгара албайт.



Кемпир небересин чакырат. небереси кемпирди, кемпир абышканы, абышка чамгырды тартып-тартып чыгара албайт.

Небереси күчүгүн чакырат. күчүгү небересин, небереси кемпирди, кемпир абышканы, абышка чамгырды тартып-тартып чыгара албайт.

Күчүк мышыкты чакырат. Мышык күчүктү, күчүгү небересин, небереси кемпирди, Кемпир абышканы, абышка чамгырды тартып-тартып чыгара албайт.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Мышык чычканды чакырат. Чычкан мышыкты, мышык күчүктү, күчүгү небересин, небереси кемпирди, кемпир абышканы, абышка чамгырды тартып-тартып чамгырды жерден суурул алышат.



## Суроолорго жооп бер

1. Жомок жактыбы?
2. Жомокто канча каарман бар? Аттарын айт.
3. Ролдорго бөлүп сахналаштыргыла.

## Грамматикалык тапшырма

**Созулма үндүүлөрдү катыштырып, сөздөн сөз жаса.**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| С | У | У | Р | У | Л | Б | А | Й | Т |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

20-
сабак

# ТОРГОЙ МЕНЕН ДЫЙКАН

(Жомок)



Илгери-илгери бир дыйкан болуптур. Ал абдан уйкучу болуп, дайыма чак түшкө чейин уктап калчу. А күн ысыганда жумуш бүтөбү? Анысына аябай капа болчу экен. Акыры ачарчылыкка дуушар болот. Байкуштун курсагы ачып, үйүнөн нан издейт. Нан салган үкөгүнүн түбүнөн бир ууч гана күкүм табат. Аны сууга чылап жейин десе, бир ууртам эле суу калыптыр.

Аңгыча бирөө терезени каккылайт. Карай салса – боз торгой. Ал адамча сүйлөп, мындай дейт: “Дыйкан аке, менин да кардым ач, үйүңө киргизчи!”

Дыйкан чуркап барып, терезени ачат. Боз торгой жөргөлөп үйгө кирет. Ак көңүл дыйкан коногуна акыркы күкүм нанын берет. Сууну да торгойго берет. Ошол кечте дыйкан өз арманын торгойго төкпөй-чачпай баяндайт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Торгой мындай кеңеш айтат: “Биз, торгойлор, баарыбыз эрте турабыз, күнүгө турар замат сени ойготуп коёюн. Көп капаланба!”

Убадага бек торгой ошол күндөн бүгүнкү күнгө дейре таң кулaнөөк салгандан баштап минтип ырдачу болуптур:

Көк асманды агартып,
Таң кылайып келатат.
Тургун, дыйкан, турагой,
Эл эмгекке баратат.



Ошентип, дыйкан да азандан иштеп, өзүнүн ырыскысын мол таап, аны бардык жаныбарлар, канаттуу куштар, курт-кумурскалар менен бөлүшүп келатат экен.

## Суроолорго жооп бер

1. Дыйканга эмне душман болуптур?
2. Ал эмне үчүн ачарчылыкка дуушар болду?
3. Боорукер дыйкан торгойго кандай жакшылык кылды?
4. Сен жакшылык кылуу дегенди кандай түшүнөсүң?

## Грамматикалык тапшырма

**Сөздөрдөгү үндүү тыбыштардын ордуна созулма үндүүлөрдү коюп оку.**

| | |
|---|---|
| эн | ээн |
| жон | ? |
| тан | ? |
| ук | ? |
| ток | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

21-сабак

## УУЛАНГАН КУРМАЛАР

***(Корейс эл жомогу)***

Кайсы бир айылдын ибадатканасында эки дин кызматкери жашап иштей турган. Алардын чоңу жеткен сараң, куу, айлакер кары чал. Экинчиси жаш, тапкыч жана шайыр болчу. Кары дин кызматкери буюмдарын кызганып, тапкан тамагын жашырып жечү экен. Бөлмөсүндөгү менчик үкөгүндө сактала турган тамак-ашын, мөмө-жемишин: «Бул тамактарга уу кошулган, буюмдарга тие көрбө, кусур урат», – дейт кичүү дин кызматкерине.

Күндөрдүн биринде шериги менен бөлүшкүсү келбей, курмаларын үкөгүнө жашырып, улуу дин кызматкери айыл аралап кетет. Кетээринде: «Үкөгүмдөгү курмалар ууланган, жей көрбө, тил тартпай өлөсүң», – дейт.

Кичүү дин кызматкери анын кууланып жатканын билчү. Ошентсе да, урмат сактап, колун куушура макул болду. Бирок улуу дин кызматкери кетээри менен үкөгүн ачып, андагы курмаларды жыргап жей баштайт. Жээрин жеп болгон соң, кандай шылтоо менен актанаарын ойлоп башы маң болот. Бир маалда тапкан акылынан өзү кубанып, улуу дин кызматкеринин жазуу столун көздөй чуркайт. Ал жерден сыя челектерин алып, ибадаткананын көрүнөө жерине уруп сындырат да, орун-көрпөсүн жамынып, оронуп жатып алат. Кечинде улуу дин кызматкери келип, жерде сынып жаткан сыя челекти, андан нарыда ордунда онтоп жаткан кичүү дин кызматкерин көрөт.

– Сага эмне болду? Сыя челекти ким сындырды? Үкөгүмдү ким ачты? – деген суроолор менен аны кысымга ала баштайт. Буга жооп катары кичүү дин кызматкери:

– Улуу устатым, сиздин жазма иштериңизди улантам деп байкоосуздан сыя челегиңизди сындырып алдым. Мындай оор күнөөдөн өлүп гана кутулайын деп, үкөгүңүздөгү ууланган курмаларды жеп түгөттүм. Азыр болсо, өлүмүмдү күтүп жатам, – деди ыйламсырап.

Улуу дин кызматкери жедирип ийген курмаларына ачынаарын билбей, же алардын ууланбаганын айтаарын билбей сарандыгынын айынан тапкан акылына өкүнүп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

калды.



## Суроолорго жооп бер

1. Дин кызматкерлери кандай эле?
2. Сен кичүү дин кызматкеринин ордунда болсоң эмне кылган болот элең ?
3. Кызганчаактык деген ди кандай түшүнөсүң?

## Грамматикалык тапшырма

**Түшүп калган сөздөрдү таап, сүйлөмдү толуктап оку.**

Алардын чоңу жеткен сараң, ________, айлакер кары чал. ________: «Үкөгүмдөгү курмалар _______, жей көрбө, тил тартпай өлөсүң», — дейт.
______ дин кызматкери анын _______ жатканын билчү.
_______ жеп болгон соң, кандай________ менен ______ ойлоп башы маң болот. Бир _______ тапкан акылынан өзү кубанып, _______ дин кызматкеринин _________ столун көздөй чуркайт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

22-сабак

# АСАН ЖАНА АПАСЫ



Асан атасынын төлөй турган карыздарын эсептеп жатканын көрүп, бөлмөсүнө жүгүрүп кетет. “Менин деле апама берген жардамым үчүн, акча сураганга акым бар турбайбы?” деп ойлойт. Эртеси апасы ашканага келип, үстөлдүн үстүнөн кагазга ирети менен жазылган эсепти таап алат. Ал кагазда мындай деп жазылган экен.

*Апасынын Асанга төлөй турган карыздары:*

*Дүкөндөн баштыктарды көтөрүп келгени үчүн – 500 сум.*

*Каттарды почтого алып барып салып келгени үчүн – 400 сум.*

*Апасына жакшы бала болуп бергени үчүн – 600 сум.*

*Гүлдөргө суу куйганы үчүн – 2500 сум.*

*Баардыгы биригип – 4000 сум.*

Апасы кагаздагы эсепти окугандан кийин Асанга эч нерсе дебейт. Кечинде Асан үстөлдүн үстүндөгү 4000 сумду көрүп, абдан кубанат, чөнтөгүнө салып алат. Акчанын жанында жаткан дагы бир кагазга көзү түшөт. Ал кагазда **Асандын апасына төлөй турган карыздары** деп жазылып, булар тизмеленген экен:

- *Он жыл үйдө бактылуу жашаганы үчүн – эч нерсе.*
- *Он жыл үйдөн жеген тамагы үчүн – эч нерсе.*
- *Ооруганда караганы, чыгымдары үчүн – эч нерсе.*
- *Жакшы бир апасы бар болгону үчүн – эч нерсе.*

Асан кагазды окуп, абдан уялат. Ыйлаган бойдон апасын кучактап алып кечирим сурайт да, 4000 сумду апасынын чөнтөгүнө кайра салып коёт.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ? Суроолорго жооп бер

1. Асан эмнеден улам апасынан акча сурады?
2. Асандын апасынан эч кандай карызы жокпу?
3. Асандын ордунда болсоң эмне кылган болот элең?

## Күлкүлүү жоруктар

### БЕШ МҮНӨТ

Күн ысыкта иштеп чарчап келген апасы Азаматка:

– Беш мүнөт уктап алайын, тынчымды албай, тур, ээ? – деп жатчу бөлмөгө кирип кетти. Катуу уктап бараткан экен. Бир кезде:



– Апа, туруңуз! Көзүңүздү ачыңыз?! – деди Азамат, жулкулдап.

– Бул эмне кылганың, балам?! Чочуп кеткеним...

– "Беш мүнөт эле уктайм" дедиңиз го. Беш мүнөт өттү.

*Зийнакан Пасаңова*

**ЖУМШАК ЖАНА КАТКАЛАҢ ҮНСҮЗДӨР**

Жумшак үнсүздөр: в, г, б д, ж, з, й, л, м, н, ң, р.

Каткалаң үнсүздөр: к, п, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ.

### Топтордо иштейбиз

Биринчи топ жумшак үнсүздөр менен башталган сөздөргө, экинчи топ каткалаң үнсүздөр менен башталган сөздөргө "Асан жана апасы" аңгемесинен сөз табуу.

Мисалы: Жүгүрүп, менин – ж, м, төлөй турган карыз – т, к.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 23-сабак

# МУГАЛИМ

Аруу тилек балага,
Агай, эжей дедирген.
Билбегенин билгизип,
Билим балын жедирген.
Эне-атадай кам көрүп,
Эрезеге жеткирген.
Күлмүң көздүү бөбөктү,
Гүлдөй сылап өстүргөн,
Алкыш сага мугалим.
Акыл жолун таанытып,
Адеп менен сүйлөткөн.
Ата Журтка жарашкан,
Адам бол – деп үйрөткөн,
Таазим сага мугалим.



## Суроолорго жооп бер

1. Өз мугалимиң жөнүндө эмнелерди айта аласың?
2. Мугалимге кандай мамиледе болуу керек?
3. Эмне үчүн аларга таазим кылабыз?

## Грамматикалык тапшырма

**Жумшак үнсүздөрдү таап, аларга мисал келтир.**

Т Д Щ Ч З
Б С Й М К

| Жумшак үнсүз | Сөз | Сүйлөм |
|---|---|---|
| б | билим | Билим – түгөнгүс байлык. |
| й | йогурт | ? |
| м | ? | ? |
| ? | ? | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МЕЙМАНДА ОТУРУУ АДЕБИ

24-сабак

Мейманга барганда үйгө киргенде салам айтуу – биринчи милдетиң. Дасторконго ашыгып кол сунба. Учуру келгенде алгач нандан ооз тий. Эч качан дасторконго колуңду жуубай отурба. Тамакты шашылбай ич. Тамактанып бүткөндө дасторкондон шашып турба. Колуңду жуугандан соң, курбуң жана анын ата-энеси менен коштошууну унутпа. Сыйы үчүн ырахматыңды сыпайы айт.

## Суроолорго жооп бер

1. Мейманга баруунун кандай эрежеси бар экен?
2. Сен мейманга барганда ушул эрежелерге көңүл бурасыңбы?
3. Өзүң мейман болуп барганыңды эстеп, айтып бер.

## Грамматикалык тапшырма

**Каткалаң үнсүздөр менен башталган сөздөрдү таап айт.**

г п щ ж з ш с х в к

| Каткалаң үнсүз | Сөз | Сүйлөм |
|---|---|---|
| с | салам | Салам айтуу – биринчи милдетиң. |
| т | тамак | ? |
| к | ? | ? |
| ? | ? | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 25-сабак КАЛП ЖАМАН

Чынара досторунун баарына айтты:

– Жүргүлө биздикине! Бүгүн менин туулган күнүм...

Достору анын үйүнө барышты.

– Келгиле садагалар! – деди үй жыйнап жаткан апасы. Анан алардын колунан "Чынара, туулган күнүң менен!" деген белектерди көрүп калды. Чынара башка күнү туулган эле.

– Чынара, сен эмне калп айтасың? – деди апасы. Чынара таптакыр унчуккан жок. Буга апасы да уялды. Муну балдар да байкап калышты.

Апасы кийин Чынаранын чыныгы туулган күнү келгенде аябай камданды. Ар түркүн тамактарды жасады. Чынара болсо досторун чакырып жүрдү.

– Жүргүлө биздикине. Бүгүн туулган күнүм!

Апасы экөөлөп Чынаранын досторун күтүп отурушту. Бирок бирөө да келген жок. Бир убакта күчүк үрүп калды. Чынара сүйүнүп, чуркап чыкса эч ким жок. Күчүгүнө ачууланды:

– Эмне калп үрөсүң? Калп жаман болот!





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## ? Суроолорго жооп бер

1. Чынара досторун эмнеге чакырды?
2. Достору ага эмнелер алып келишти?
3. Чынаранын чыныгы туулган күнүндө достору эмнеге келишкен жок?
4. Эмне үчүн калп жаман экен?

**Топтордо иштейбиз**

**Биринчи топ жумшак үнсүздөргө, экинчи топ каткалаң үнсүздөргө сөз тапкыла.**

| в, г, б д, ж, з, й, л, м, н, ң, р | к, п, с, т, ф, х, ц, ч, ш, щ |
|---|---|
| Дос, жүргүлө, .... | Чынара, калп,... |

## «Кайсы түс биринчи?» оюну.

**Мөмө-жемиштердин аттарын улантып айт жана кыска үндүүлөрдү тап.**

Мисалы: Бийалма, чие, ...

**Күчүгүнө ачууланды: – Эмне калп үрөсүң? Калп жаман болот!**

**Апасы экөөлөп Чынаранын досторун күтүп отурушту.**

**Бир убакта күчүк үрүп калды.**

**Чынара сүйүнүп, чуркап чыкса эч ким жок.**

**Бирок бирөө да келген жок.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

26-сабак

# АЙТ МАЙРАМДАРЫ

Дүйнө элдеринин ар түрдүү майрамдары бар. Кыргыз эли бардык эле мусулман дүйнөсү менен бирге Орозо айт жана Курман айт майрамдарын майрамдайт. Бул күнү адамдар иштебей эс алышат. Үйлөрдү, короолорду тазалашат. Таза, жаңы кийимдерди кийишет. Дүйүм тамактар менен майрамдык дасторконду жайышат. Майрам күнү бири-биринен кабар алышат. Мал союлуп, меймандарды тосушат. Адамдар бири-бирин «Айт маарек болсун!» деп куттукташат. Ар кандай улуттук оюндар да ойнолот.

## Суроолорго жооп бер

1. Сен да айт майрамын майрамдагансыңбы?
2. Бул майрамдын өзгөчөлүгү эмнеде деп ойлойсуң?
3. Бул майрамдар качан майрамдалат?

**ЖУМШАК ЖАНА КАТКАЛАҢ ҮНСҮЗДӨР**

Кыргыз тилине орус тили аркылуу кирген тамгалар төмөнкүлөр: в, ф, ц, щ, х.

Мисалы: вагон, фабрика, цемент, щётка, хор.

## Грамматикалык тапшырма

**Төмөнкү тамгалардан орус тилинен кирген тамгалар менен башталган сөздөрдү тап.**

Ф Ц А К Х Е Щ Т

Ё Р В И Г М О Н



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТАЕНЕМДИН МАЙРАМЫ

27-сабак

Келсем, таенем үйдө экен. Таенемди абдан жакшы көрөмүн. Анткени, кичинемден мени көтөрүп, көп жомокторду айтып берчү. Мен ошол жакшы көргөн таенемдин үйдө отурганына кубанып кеттим. Талаадан терген бир кучак гүлүмдү бердим. Таенем абдан сүйүнүп кетти да:

– Мына, менин майрамым! – деп, мени эки эки бетимден өөп, гүлдү терең жыттап алды.

– Эң сонун жыттуу гүлдөрдү терипсиң, айланайыным. Мунун жарымын апаңа бер.

– Апама эртең терип келип берем. Муну бүт бойдон сиз алыңыз, таене.



## Суроолорго жооп бер

1. Кыз эмне үчүн таенесине гүл берди?
2. Гүлдү кайсы жерден алып келди?
3. Таенеси гүлдү эми эмне кылат?

## Грамматикалык тапшырма

**Орус тилинен кирген сөздөргө сүйлөм түз.**

| Сөздөр | Сүйлөм |
|---|---|
| щётка | Мен щётка менен тишимди тазаладым. |
| фартук | ? |
| цемент | ? |
| халат | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


28-
сабак

## БИЛИМИҢДИ СЫНАП КӨР

**1.Макалды толукта.**
… гүлзарын сүйөт,
… мекенин сүйөт.
А) булбул, адам; Б) адам, булбул; В) көпөлөк, ат.
2. Тыбыштар канчага бөлүнөт?
А) 3; Б) 2; В) 4.
**3.Үндүү тыбыштар менен башталган сүрөттөрдү тапкыла.**

А)  ; Б)  ; В)  .

**4.Төмөнкү сүйлөм кайсыл тексттен алынган?**
**Мектепте ар улуттун балдары окушат.**
А) Мектебим экинчи үйүм; Б) Менин айылым; В) Китеп.
**5. Балмуздак сөзүндө канча тамга, канча тыбыш бар?**
А) 9 тамга 7 тыбыш; Б) 7 тамга 9 тыбыш; В) 9 тамга 9 тыбыш.
**6. “Уланган курмалар” кайсы элдин жомогу?**
А) Корейс эл жомогу; Б) Кыргыз эл жомогу; В) Араб эл жомогу.
**7. Туура ташымалданган сөздөрдү тап.**
А) ча-йнек, күзгү; Б) чай-нек, күз-гү; С) ч-айнек, күзг-ү.
**8. «Эки жолдош» жомогунда балдар эмнеден коркушту?**

А)  ; Б)  ; В)  .

**9.Китеп өзү сыйкырдуу,**
**Бүт кубулуш ичинде.**
**Үйрөнгүнүң бүт жумшап**




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Эркиң менен күчүңдү.**
**Ушул ыр саптарынын автору ким?**
А) А.Чойбекова; Б) С.Рысбаев; В) Т.Сыдыкбеков.
**10. Бул сүрөттө эмне жетишпейт?**



А)  ; Б)  ; В)  .

**11. Орус тилинен кирген сөздөрдү жаз.**
**12. «Тилегим» ырынын төрт сабын жаз.**
**13. Йоттошкон тамгалар катышкан сөздөрдү жаз.**
**14. Жумшак үнсүздөрдү жаз.**
**15. Каткалаң үнсүздөрдү жаз.**


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

29-сабак

## III БӨЛҮМ. ТАБИЯТТЫ КОРГОЙЛУ
# ТАБИЯТ ЖАНА БИЗ





## Суроолорго жооп бер

1. Эмне үчүн табиятты коргоо керек?
2. Эмне үчүн таштандыны туш келди ыргытууга болбойт?
3. Гүлдөрдү үзүп салсак болобу?

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Тирүү жандын атасы – күн, энеси – жер, каны – суу, жаны – аба.

### К, Г, Ж ТАМГАЛАРЫ, АЛАРДЫН ЖАЗЫЛЫШ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Жоон а, ы, о, у тыбыштары менен катар келгенде к, г тыбышы кы, гы болуп окулат жана айтылат.

Мисалы: Акыл, оку, кыргый, карга.

Ичке ө, ү, э, и тыбыштары менен катар келгенде к, г тыбышы ки, ги болуп окулат жана айтылат.

Мисалы: эчки, чүкө, гүл, көгүчкөн.


## Сүрөт менен иштөө


**Төмөнкү сүрөттөрдү катыштырып сүйлөм түз жана к, г тыбыштарынын кы, гы, ки, ги болуп айтылышына көңүл бур.**













*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МЕКЕНИМДИН ТАБИЯТЫ

30-сабак



Өзбекстан жергеси көпкөк асманы, салкын өрөөндөрү, мөмөлүү бактары, тоолору, көк кашка суулары, таза абасы, жайлоолору менен көрктүү.

Биздин өлкөбүздүн табияты өзгөчө кооз. Анткени жайы салкын, кышы жылуу. Күзүндө болсо мөмө-жемиштин жыты аңкыйт. Талааларында бышып жетилген жашылчаларды көрүп, көзүң жайнайт. Түшүмдүн молдугу, бул элибиздин токчулугу.

Өлкөбүздө күз мезгили өкүм сүрүүдө. Ата-бабаларыбыз күз мезгилин «Ак төөнүн карды жарылган кез» деп айтышкан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Суроолорго жооп бер

1. Өзбекстандын табияты кандай экен?
2. Ата-бабаларыбыз күз мезгилин эмне деп аташкан?
3. Күз мезгили жөнүндө сүйлөп бер.

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Жаратылыш – жаңылыштыкты кечирбейт.

Жер – казына, суу – алтын.

**Сүйлөмдөрдүн ордун тап.**

**Өлкөбүздө күз мезгили өкүм сүрүүдө.**

**Анткени жайы салкын, кышы жылуу.**

**Талааларында бышып жетилген жашылчаларды көрүп, көзүң жайнайт.**

**Биздин өлкөбүздүн табияты өзгөчө кооз.**

**Түшүмдүн молдугу, бул элибиздин токчулугу.**

## Грамматикалык тапшырма

**Тексттен к, г (кы, гы), к, г (ки, ги) тыбыштары катышкан сөздөрду таап, анын өзгөрүп айтылышына көңүл бур.**

| к , г (а, о, у, ы) | к, г (э (е), и, ө, ү) |
|---|---|
| Кышы, токчулугу, ... | Өзбекстан, өзгөчө,.. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КҮЗ

31-сабак

Жашыл, сары туш тарап,
Көргөндүн көзү суктанат.
Тоодой пахта үйүлүп,
Теримчилер кубанат.

Көркөм күздө тал-терек,
Шуудурап желге эркелеп.
Заңкайып мектеп алыстан,
Тургансыйт балдар келсе деп.



*Райкан Шүкүрбеков*

Ж тамгасы эки түрдө окулат. Эне тилибиздеги сөздөрдө ж болуп айтылат.
Мисалы: жакшы, жаман, жылан.
Башка тилден кирген сөздөрдө ж (дж) тыбышы үндүүлөргө карата жумшарып айтылат. Бирок жазууда ж болуп жазылат.
Мисалы: журнал, гараж, Женя.

## Грамматикалык тапшырма

**Төмөнкү сөздөрдө к, г, ж тыбыштары кандай угулуп жатканына көңүл бур.**

Жогору – жүгөрү
сегиз – кагаз
кудук – күдүк

Жазгүл – Жанна,
Гүлнур – Гапар
тоголок – тегерек

## «Ким көп табат?» оюну.

**«К», «Г», «Ж» тыбыштарына сөз айт.**

| | |
|---|---|
| **К** | Калпак, кемсел,... |
| **Г** | Гүл, сүлгү,.. |
| **Ж** | Жамийла, Жорж,... |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

32-
сабак

# МУРАТТЫН АЛМА ЖЕГИСИ КЕЛЕТ





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Күн ысык. Асман чайыттай ачык. Мурат үйдө өзү жалгыз отуруп, аябай зериккендиктен, Гүлнурдун короосундагы бышып турган алмага келди.

Ал короого кирип, ар жак-бер жакты карап, сыртта эч ким жок экенин билип, коргондо сүйөнүп турган шатыны көтөрүп барып алмага койду.

Шатыга чыгып, алманы жаңы эле үзө баштаганда, Гүлнурдун Рекс аттуу күчүгү ойгонуп кетип шатыга тырмышып, үрө баштады.

Күчүктүн үнүн угуп, Гулнур ачык турган терезеге келип караса, Рекс Муратты тиштейин деп калыптыр.

Гүлнур дароо ашканадан нан алып, терезеден күчүгүн чакырып, алаксыта баштады.

Аңгыча Мурат шатыдан түшүп, алмага бекинди.

Рекс нанды жей баштаганда, Мурат үйүнө качып кетти.

Ошентип, Мурат уруксатсыз алма жебес болду.

*«Байчечекей» журналынан*

## ? Суроолорго жооп бер

1. Мураттын кылган иши туурабы?
2. Эмне үчүн ал кошунанын алмасынан жемекчи болду?
3. Сен Мураттын ордунда болсоң эмне кылмаксың?

## Грамматикалык тапшырма

**Тексттен к, г (кы, гы), к, г (ки, ги) тыбыштары катышкан сөздөрдү таап, анын өзгөрүп айтылышына көңүл бур.**

### ЖАҢЫЛМАЧ

Чамгаракта чар элек,
Чартылдашкан эки элек.
Босогодо эки элек,
Бортулдашкан эки элек.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

33-сабак

# ЧАЛ МЕНЕН БЕКХАН

Бекхан алты вазири менен жол жүрүп бара жатып, бир чалга жолугуп калат.

– Ассалоом алейкум, чалым!

– Алейкум үч салам, ханым!

– Үчтү тогузга сатпайсыңбы?

– Ханым, сатар элем – ал жок, саттырар элем – мал жок.

– Эртең алдыңа алты арстан жиберем, арзан сатпай, кымбат сат.

Жолдо вазирлер хан менен чалдын сөзүнүн маанисин сурашты. Хан:

– Силер вазирсиңер, бул сөздүн маанисин эртеңкиге чейин өзүңөр тапкыла. Эгер таппасаңар катуу жазалайм, – деп каарданып койду. Эртеси алты вазир чалга келди.

– Кечээ хан менен сүйлөшкөн сөзүңдүн маанисин айтып бер, каалаганыңды беребиз. Айтпасаң биз өлмөк болдук.

Чал ары ойлонду, бери ойлонду.

– Эми болбостур, айтып берейин, бирок убададан тайбагыла. Хандын «Ассалоом алейкум» дегени – «Кудайымдын берер убактысы бир болсун» деген сөз. Менин «Алейкум үч салам» деген сөзүм – «Мага бир болгонду ойлосоң, сага үч болсун» дегеним. «Үчтү тогузга сатпайсыңбы» дегени – «Үч ай иштеп, тогуз ай жатпайсыңбы» дегени. «Сатар элем – ал жок, саттырар элем, – мал жок» дегеним – «Өз күчүм жетиштүү болсо, сенин айтканыңды ойлонуп көрөөр элем», – деген сөзүм.

– Баса, алты арстан жиберем дегени кандай?

Чал булардын аңкоолугуна таң кала, бырс этип күлүп койду.

– Ал силер эмессиңерби, же силер арстандан кемсиңерби?.. «Арзан сатпай, кымбат сат» – деди эле, – көп албай, аз алдым, – деди чал.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Суроолорго жооп бер

1. Хан менен Бекхан кандай сүйлөшүштү?
2. Эмне үчүн вазирлер түшүнүшкөн жок?
3. Вазирлерди эмнеге теңдештирди?

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Асыл таштан,
Акыл баштан.

### ИЧКЕРТҮҮ (Ь) ЖАНА АЖЫРАТУУ (Ъ) БЕЛГИЛЕРИ

Кыргыз тилинде ь жана ъ белгилери тыбышсыз тамгалар болуп саналат.

Алар сөз ичинде өзүнчө тыбыш болуп угулбайт.

Мисалы: медаль, пальто, циркуль, подъезд, разъезд.

## Грамматикалык тапшырма


**Сүрөттөрдүн аттарын тап, ь жана ъ белгилерине көңүл бур.**



**к.....**



**к........**



**д......**



**п.......**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

34-сабак

# ЧАБАНДЕС БАЛА

Нурлан – жылкычынын баласы. Ал – окуучу. Атасы көптөн бери жылкы чарбачылыгында эмгектенет. Ал – жылкычы. Нурлан жайдыр-кыштыр атасын ээрчип, ат минип, чыйрак өстү. Бош убактыларында атасына малды багууга кол кабыш кылат. Июнь, июль айларын жайлоодо атасы менен чогуу өткөрөт. Ошентип малды багуунун ыкмасын өздөштүрүп алган.

Нурлан жакшы окуйт. Өз ишине тыкан, чыйрак. Сабак аяктады. Нурлан атасына жардамдашуу үчүн чарбага келди. Ал кунан-тайларды үйрөтүүгө кол кабыш кылууда. Жакында, октябрь айында ат чабыш болот. Ал өзү үйрөткөн тайы менен ага катышат. Эң алдыда келем деген үмүтү бар.



## Суроолорго жооп бер

1. Нурлан атасы менен чогуу жүрүп эмнени үйрөндү?
2. Сен да ат мингенсиңби?
3. Ат менен катыша турган спорттун кандай түрлөрүн билесиң?

## Грамматикалык тапшырма

**Тексттен ь белгиси катышкан сөздөрдү таап айтып бер.**

## «Улантып кет» оюну.

Ь жана Ъ белгиси катышкан сөздөрдү айтуу менен оюнду улант.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# КОРУКТАГЫ ЖАНЫБАРЛАР

35-сабак

**Төмөнкү жаныбарлардын аттарын билесиңби? Алар «Кызыл Китепке» киргизилген жаныбарлар. Аларды катыштырып, чакан аңгеме түз.**







## ? Суроолорго жооп бер

1. Зоопаркка баргансыңбы?
2. Кандай жапайы жаныбарларды көргөнсүң?
3. Сүрөттөгү жаныбарлар жөнүндө билгениңди айтып бер.

### Тилибизди жатыктырабыз

Көп көпөлөк көкөлөп өтөт,
Төрт көпөлөк бөлөк өтөт.

Аягы ичкертүү (ь) белгиси менен бүткөн сөздөргө мүчө уланганда, ичкертүү белгиси түшүп жазылат.
Мисалы: ноябрь – ноябрда, медаль – медалы.

## Грамматикалык тапшырма

**Төмөнкү сөздөргө мүчө улап айтып көр, эмнени байкадың?**

Сентябрь, январь, декабрь, лагерь, циркуль.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

36-37-сабак

# ЖЫЛ ЖАНА АНЫН ТӨРТ УУЛУ

*(Жомок)*

I

Илгери Жыл аттуу акылман жашаптыр. Ал боорукер, көп өнөрдү билген адам экен. Анын Кыш, Жаз, Жай, Күз деген төрт уулу болуптур. Жаз күндү аябай ысытат. Муну көргөн Кыш эртеси кар жаадырып, суук кылып жиберет. Курт-кумурскалардын падышасы Жылга даттанып келет:

– Жаз деген уулуңуз күндү ысытып, кургакчылык кылып жиберди. Эртеси уулуңуз Кыш кар жаадырып, суук кылды. Кокустан болгон суукта баарыбыз кыйналдык. Балдарыңызды бирдеме деп тыйып коюңузчу.

Жыл төрт уулун чакырып, алардын кылган иштери жөнүндө сурай баштайт:

– Кыш, сен айтчы, эмне үчүн кар жаадырдың?

– Анткени Жаз жерди кургатып жиберди. Мен кар жаадырып, жерди сугардым. Антпегенде өсүмдүктөр куурап калмак, – дейт.

Жыл көпкө ойлонот: – Эмне кылуу керек?

## ? Суроолорго жооп бер

1. Кыштын жасаган иши туурабы? Эмне үчүн?
2. Кышка эмне үчүн даярдык көрөбүз?
3. Мунун жомок экендигин кантип билүүгө болот? Аны эмнелер аныктап турат?

### ТҮГӨЙЛҮҮ ҮНСҮЗДӨР

з-с, ж-ш, г-к, б-п, д-т, в-ф – булар түгөйлүү үнсүздөр

| б | п |
|---|---|
| бил | ? |

| г | к |
|---|---|
| гүл | ? |

| д | т |
|---|---|
| дандыр | ? |

| з | с |
|---|---|
| сагыз | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## II

Бир күнү жан-жаныбарларды чогултуп алып, Жыл минтип айтат:

– Баарыңар угуп тургула. Бир күн кыш, бир күн жаз болсо болбойт экен. Ошондуктан мен төрт уулума күндөрдү бөлүп берейин. Ар кимиси өз иштерин ошол бөлүнгөн күндөрдө аткарсын. Улуу балам Кышка 91 күн, экинчи уулум Жазга 91 күн, үчүнчү уулум Жайга 92 күн, эң кенже уулум Күзгө 91 күн бөлүп берейин. Буга кандай дейсиңер?

Ошентип, бардыгы макул болушат. Бирок аюу, суур, кашкулак макул болбой, кол көтөрүп, сөз сурашат.

– Кана, аюу, айтчы, – дейт Жыл. Аюу өз оюн айта баштайт:

– Улуу уулуңузга күндү азыраак берсеңиз экен. Анткени карды калың жаадырып жиберсе, биз тоо-таштын арасында кантип жашайбыз?

– Ачка калабыз! – дешет суур менен кашкулак да.

– Мээр чөп деген бар, ошону тиштеп уктагыла. Көктөмгө дейре жыргап жата бересиңер, – дейт Жыл.

Ошентип, Жылдын төрт баласы төрт мезгил аталып калыптыр.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Жылдын ордунда сен болсоң кантип бөлүштүрөт элең?
2. Адамдар деле кышы бою мээр чөптү тиштеп жата берсе эмне болмок?
3. Кайсы мезгил көп болушун каалайт элең?

## Грамматикалык тапшырма

**Түгөйлүү үнсүздөрдү таап, аларга мисал келтир.**

ф г з т б ш

п ж в к д с



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 38-сабак ЖЕР АСТЫНДА ЭМНЕ БАР?

Самат агасынын сүрөттөрүнүн ичинен алтын медаль тагып түшкөн сүрөтүн көрүп калды. Атасынын жанына келип:

– Ата, бул кандай медаль? Ал эмне үчүн жалтырап турат?– деп сурады.

Атасы уулунун башынан сылап:

– Уулум, бул алтын медаль. Аны алтындан жасашкан, – деди атасы.

– Ата, алтын кайдан алынат? – деп Самат кызыга баштады.

– Алтын жер астынан казып алынат. Мекенибиз пайдалуу казылмаларга бай. Дагы ошондой эле нефть, көмүр, табигый газ, алтын, күмүш, темир да жерден казып алынат.

– Табигый газ да жерден чыгабы?

– Ооба, уулум. Бирок булардан үнөмдүү пайдалануу керек. Ал эми үнөмдөөнү өз үйүбүздөн баштайлы, – деди атасы уулуна карап жылмайып.

### Суроолорго жооп бер

1. Самат атасынан эмне жөнүндө сурады?
2. Пайдалуу казылмалар жөнүндө уккансыңбы?
3. Аларды кантип үнөмдөө керек?

### Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Жер байлыгын сакта, жаратылышты баркта.

### Табышмак

Аш ичинде таш,
Таш ичинде аш.
Жайында жайнайт,
Күндүн казанында кайнайт. (Ө..)

**Түгөйлүү б-п, д-т тыбыштыры**

Түгөйлүү тыбыштар катышканда сөз маанисин өзгөртүп жиберет.

Мисалы: дарак – тарак бол – пол



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КҮЗ КЕРЕМЕТИ

39-сабак



## Суроолорго жооп бер

1. Сүрөттө кайсы мезгил сүрөттөлгөн?
2. Жалбырактардан гербарий жасаганды билесиңби?
3. Берилген сүрөттүн негизинде “Күз керемети” деген темада чакан аңгеме түз.

## Грамматикалык тапшырма

**Берилген үлгүнүн негизинде жадыбалды толтур.**

| б-п | г-к | д-т | ж-ш | з-с | в-ф |
|---|---|---|---|---|---|
| бул | алга | дөө | | | |
| пул | алка | төө | | | |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 40-сабак БАЛА ЖАНА АК КУУЛАР

**Бала:**
– Ай, ак куулар, ак куулар,
Асман, көлдө шат курар.
Барбы сүйгөн ишиңер,
Барбы өнөр күчүңөр,
Баркын билип жактырар?
**Ак куулар:**
– Көлдө учуп каркылдап,
Күнгө канат жаркылдап,
Ала-Тоодо айланып,
Ага тагдыр байланып,
Ак сүйүүбүз артылмак.





**Бала:**
– Ай, ак куулар, ак куулар,
Айдың-Көлдү карк кылар.
Учар түрүң белендеп,
Кээде коркуп элеңдеп,
Кетет неге шаштыңар?
**Ак куулар:**
– Айрым тентек мергендер,
Арбайган ач чеңгелдер,
Аңдып бизди келет – деп,
Ак куу канын төгөт – деп,
Үрөй учуп ошондон,
Үрпөйүңкү жүдөйбүз.
Аяп бизди адамзат,
Атпаса экен деп тилейбиз.
**Бала:**
– Ай, ак куулар, ак куулар,
Адам сыйын жактырар.
Алыс учуп кетпечи,
Айдың-Көлдү беттечи.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Кышта жылуу ойнотуп,
Жайда көлдү бойлотуп,
Дос болоюн сен менен,
Дос бол дүйнө эли менен!

*Ишен Исаков*

## Суроолорго жооп бер

1. Сен билесиңби, ак куулар каякта жашашат?
2. Ак куулар кимдерден коркушат экен? Эмне үчүн?
3. Дагы кандай саякатчы куштарды билесиң?

**ЙОТТОШКОН ТАМГАЛАР**

**Кыргыз тилинде төрт йоттошкон тамга бар.**


**Алар:** е, ё, ю, я. Жазууда бир тамга менен жазылып, эки тыбышты билдирет.

## Грамматикалык тапшырма

**Сүрөттөгүлөрдүн атын ата. Кайсы йоттошкон тамга катышканын айтып бер. Сөздөрдү тыбыш жана муунга ажырат.**












*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 41-сабак

# УЧПООЧУ КАНАТТУУЛАР



Биз куш десе эле асманда уччу канаттууларды эсибизге салабыз. Дүйнөдө уча албай турган канаттуулар да бар. Ишенбейсиңерби? Тапкылачы? Алар – төө куш менен пингвин. Төө куш Африка жергесинде жашайт. Канаты кыска жана кичинекей. Пингвиндер болсо Түндүк муз океанында жана Антарктидада жашайт. Бул жерлер – сөзсүз суук жерлер. Пингвин сууда абдан мыкты сүзөт. Ал күндүз да, түнкүсүн да суу түбүндө жашай берет.



*«Кырчын» журналынан*

## Суроолорго жооп бер

1. Учпоочу канаттуулар жөнүндө уктуң беле?
2. Төө куш жөнүндө эмнелерди билип алдың?
3. Пингвиндер кайсы жерде жашашат?

## Грамматикалык тапшырма

**Түшүп калган сөздөрдү таап, сүйлөмдү толуктап оку.**

Дүйнөдө уча албай турган ... да бар. Алар – төө куш жана … . Төө куш ... жеринде жашайт. Канаты ... жана кичинекей. Пингвиндер болсо ... океанында жана ... жашайт. Бул жерлер – сөзсүз ... жерлер.

**Сөздөргө тыбыштык талдоо жүргүз.**

| сөз | тыбыштык талдоо |
|---|---|
| компьютер | 9 тамга 9 тыбыш (эмне үчүн?) |
| юрист | 5 тамга 6 тыбыш |
| боёк | ? |
| ящик | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТҮЛКҮ МЕНЕН ЖҮЗҮМ

42-сабак



Күн ачык, бирок аябай ысык болчу. Күнү бою аңчылык кылган түлкү аябай суусады. «Азыр алдымда суу болсо экен», – деп ойлоду түлкү ичинен.

Аңгыча, ал жүзүм сабында башынын үстүндө илинип турган майлуу жана ширелүү жүзүмдөрдү көрдү. Жүзүм бышып, шире менен жарылып кетүүгө даярдай көрүндү.

– Ох! О, менин! – деди Түлкү оозу кургай баштаганда. «Таттуу жүзүм ширеси, суусунумду кандыр!»



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Түлкү бутунун учу менен туруп, мүмкүн болушунча жогору сунду, бирок бою жүзүмгө жетпей калды. Түлкү багынгысы келген жок, бир аз артка кетип, жүзүмдү көздөй секирди. Ал жүзүмгө дагы жете алган жок.

Түлкү кайра-кайра секирди, бирок ар бир жолу жүзүмгө жете албай жатты. Акыры, түлкү болуп көрбөгөндөй чарчап, суусады. «Мен кандай акылсызмын!'» – деди түлкү ачууланып. «Бул жүзүм кычкыл жана жегенге жарабайт. Мен аларды эмне кылам?»

## ? Суроолорго жооп бер

1. Түлкү эмне үчүн жүзүм жегиси келди?
2. Ал жүзүмдү эмне үчүн кычкыл деди ?
3. Түлкү жүзүмдү кандай кылып алса болмок?

## Грамматикалык тапшырма

**Сүйлөмдөгү түшүп калган сөздөрдү таап, сүйлөмдү толуктап оку. Түшүп калган сөздөр кайсы тыбыштар менен аяктаган?**

Түлкү бутунун учу менен ... , мүмкүн болушунча жогору сунду, бирок бою жүзүмгө жетпей калды. Түлкү багынгысы келген... , бир аз артка... , жүзүмдү көздөй секирди. Ал жүзүмгө дагы жете алган ... .

## Макалдарды толуктап айт.

Эмгек кылсаң жашыңдан,

Дөөлөт кетпейт башыңдан.

Эмгек – дайра, билим – кеме.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КАРГАНЫН БАЛАПАНЫ

43-сабак

Тар уяга батпады,
Карганын бир аппагы.
Канат күүлөп кайраттуу,
Ылдый боюн таштады.
Балапан ал эселек,
Баралына жете элек.
Талп дей түштү отордо,
Там үстүнөн коколоп.
Сороктогон каргажан,
Оозун ачат араң жан.
Ал мышыкка жем болмок,
Мен куткарып калбасам.



*Р. Фархадий*

## Суроолорго жооп бер

1. Карганын балапаны эмне үчүн уядан түшүп кетти?
2. Аны мышыктан ким куткарып калды?
3. Сен да уядан түшүп калган балапанга жардам бердиң беле?

## Досторуңдун жоруктарынан

**Чымчык**

– Эмнеге ыйлап отурасың, садагасы – деди кызынан апасы.

– Апа, чымчык салган торчону тазалагам. Анан чымчык кайда кеткенин таппай калдым. ...

– А аны кантип тазаладың эле?...

– Чаң соргуч менен…

## «Улантып кет» оюну.

Ырдагы йоттошкон тамгалар катышкан сөздөрдү тап. Өзүң да ушундай сөздөрдү айтуу менен оюнду улант.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 44-сабак ТОНУ БАР КҮЧҮК

Бермет менен Гүлжамал короодо кечке куурчак жасап ойношту. Жаздын сыдырым жели жүрүп, аба муздай баштады. Чак түштө күн аябай ысык болуп кеткендиктен, жемперин чечип коюп, жука көйнөкчөн оюнга алаксып отурган Бермет бир кезде чыйрыга баштады.

– Гүлжамал, карачы, мен титиреп жатам, – деди ал.

– Эмне үчүн титирейсиң? – деп Гүлжамал ага суроолуу карады.

– Үшүп кеттим да, ошон үчүн титирей баштадым.

Этек-жеңин кымтылана бүрүшүп отурган Берметти карап:

– Аа, менин күчүгүм да үшүп калса, сага окшоп калтырап-титирейт, – деди Гүлжамал күчүгү эсине түшө калып. Анда Бермет:

– Калп. Күчүк үшүбөйт да, ал деген жүндөн жасалган тонун чечпей эле жүрбөйбү, – деди, анын сөзүнө ынанбай үйүн көздөй жөнөй берип.

Гүлжамал Берметтин сөзүнө ойлонуп калды. – Чын эле, күчүгүм Берметчилеп тонун чечпейт да. Анан неге калтырап-титирейт? – деп таңыркай өзүнө-өзү суроо берди.

*Бурул Абдухамидова*

## ? Суроолорго жооп бер

1. Бермет эмнеге үшүп кетти?
2. Күчүк да үшүйбү?
3. Гүлжамал неге ойлонуп калды?

Йоттошкон тамгадан кийин созулма тыбыш келсе, созулуңку айтылат жана төмөнкүдөй жазылат.

Мисалы: аюу, коюу, боёо, таёо.

## Грамматикалык тапшырма

**Берилген үлгүнүн негизинде жадыбалды толтур.**

| сөз | тамга | тыбыш |
|---|---|---|
| аюу | 3 | 4 |
| боёо | 4 | ? |
| таёо | ? | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# СУУ

45-сабак



Суу – адамдын өмүрү. Суу – жердин өмүрү. Суусуз өмүр жок, – дейт чоң атам. Чын эле, суу кымбат экен. Күн өңдүү суу да адамды көздөй ашыгат. Адам суу менен эгиндерди, жемиштерди, гүлдөрдү, пахталарды сугарат.

Суу электр тогун иштеп чыгаруучу машиналарды кыймылга келтирет. Өнөр жайдын бир да тармагы суусуз иштей албайт. Фабрикалар менен заводдордо суу боёкторду эритүү үчүн, кездемелер менен булгаарыларды боёо үчүн колдонулат.

Суу болсо баардык эгиндердин түшүмү мол болот. Талаада өсүп жаткан ар бир эгин суу менен көгөрөт, өсөт. Эгерде суу болбогондо бардык эгиндер куурап жок болмок. Бүткүл жан-жаныбарлар, инсан да суу менен тирүү.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Сууну эмне үчүн өмүр дейбиз?
2. Суунун кандай пайдасы бар экен?
3. Сууну кантип үнөмдөө мүмкүн?

## Макалдарды толуктап айт.

Суу атасы — …, сөз атасы — кулак.

Билим – элге, суу – …..

Суу …. булагы.

## «Ойло, изде, тап» оюну.

| Тамга | Сөз | Сүйлөм |
|---|---|---|
| ю | оюн | Улуттук оюндар болду. |
| я | уя | ? |
| ё | ? | ? |
| ? | ? | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

46-сабак

## БЕРМЕТ ЖАНА БАКА

### Жомок

Качанкы бир заманда кыштакта жашаган аял болуптур. Анын эки кызы бар экен. Улуусу менен кичүүсү бири-бирине таптакыр окшобогон жан болот. Улуусу урушчаак, орой мүнөз, анан да сараң экен. А кичүүсүнүн баарына кабагы ачык, адептүү чыгат.

Кичүүсүн бир күнү энекеси алыс эмес жердеги кудуктан суу алып келүүгө жөнөтөт. Кыз тызылдаган бойдон кетет. Кудукка жетип суу алаарында капыстан жүдөп-какаган, чачтары үксөйгөн, бечара кемпир көрүнөт. А чынында ал бечара кемпир эмес, сыйкырчы болчу. Ал тигинин кандай кыз экенин билүү үчүн бечара өңдөнүп кубулуп алган эле.

– Э кагылайын, тамагым кургап суусап турам, мендей бечарага тамчы суу берип койчу!

– Бир аз чыдап туруңуз эне, мен азыр чакамды тартып алайын, – деди кыз дароо. Кыз чакасына суу толтурары менен кемпирдин суусунун кандырды.

– Берешен кыз турбайсыңбы, кагылайын, – кемпир суусуну канганына ыраазы болду. – Муну үчүн сага белегим бар: эми ушул күндөн баштап сен күлсөң – оозуңан бермет чубуруп турсун!

Кемпир ушуну айтат да көздөн кайым болот. Ошол күндөн тарта кичинекей кыз күлгөн сайын оозунан бермет чубуруп түшчү болот. Кыздын аты Бермет болуп калат.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эжеси анан Берметтен мунун баары кандай болгонун сурап бүтө албай, абыдан ичи ачышчу болот. Ал да бир күнү кудукка барып суу алып келүүнү чечет. Барсам эле сыйкырчы кемпирге жолугуп жолдуу болом деп ойлойт.

Ал да кудукка барат. Сууну сүзүп алып, караса – сөлдүрөгөн кемпир келатат. Кемпир ичкенге суу сурайт. Бирок ал сиңдиси Берметтей адамдарга жароокер эмес эле.

– Сендей селсаяктарга суу сүзүп беришим керек экен да, карасаң деле! Жаныма жакындабай жоголчу ары!

– Ташбоор, мээримсиз кыз турбайсыңбы сен! Жадагалса өз сиңдиңе да ичиң тарып турат, жарыбагыр. Эми мындан ары сен күлсөң, оозуңан тарбаңдаган бака секирип калсын! – дейт экен сыйкырчы кемпир.

Ошондон кийин айылдаштары Берметтин эжесинин жолун тороп: «Сенин атың Ма Пха-пьоу» деп шылдыңдашчу болуптур. Ма Пха-пьоу дегени – Бака деген ат экен көрсө.

## Суроолорго жооп бер

1. Аялдын кыздары кандай эле?
2. Эмне үчүн кичүү кызынын оозунан бермет чыга турган болуп калды?
3. Эжесинин Бака деп аталышына эмне себеп болду?

**КЫРГЫЗ АЛФАВИТИ ЖАНА ТАМГАЛАРДЫН АТАЛЫШЫ**

Кыргыз тилинде 36 тамга, 39 тыбыш бар.

Демек ь жана ъ белгиси тыбыш бербейт. Йоттошкон тамгалар ё, е, ю, я тыбыштардын кайталанышы менен айтылат. (я-йа, ю-йу, е-йе, ё-йо). 30 тамга калды. Бул тамгалар кантип 39 тыбышты берет?

6 созулма үндүүлөр (аа, оо, уу, үү, ээ, өө) жана к, г (кы, ки, гы, ги), ж (дж) болуп тыбыш берет. Булар менен 39 тыбыш

## Грамматикалык тапшырма

**Тыбыштарды алфавит ирети менен айт.**

А, б, в, г, ...

## «Ойло, изде, тап» оюну.

**Алфавит тартиби боюнча сөздөрдү айт.**

Аял, Бермет, ...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

47-сабак

# ЭЛДИК БАЙЛЫК

Биздин жашообузда баасы эч нерсе менен өлчөнгүс баалуу байлыктар бар. Аларга аба, суу, жер, күн жана нан кирет. Нан адамдардын түйшүктүү эмгегинен жаралат. Ал – жашоонун күлазыгы.

Биздин дасторкондо канчалык дүр-дүйүм тамактар болбосун, нансыз береке болбойт. Демек, нан – элдин баарынын ырыскысы, ата-бабаларынан калган ыйык энчиси.

Нандын курамында адамдын организмине керектүү белоктор, углеводдор, калий жана темир, туздар арбын. Ал аш болумдуу заттарга бай.

Адистердин билдирүүсүнө караганда, адамга керектүү белоктордун отуз пайызы нандын эсебинен толукталат. Ошондуктан элде мындай сөз бар: «Нан болгон жерде байлык бар».

Азыркы мезгилде нан бышыруучу өнөр жайлар техникалык жактан өркүндөдү. Кымбаттуу балдар! Нанды урматтай билгиле.

## Суроолорго жооп бер

1. Жашообуздагы баалуу байлыктарга эмнелер кирет экен?
2. “Нан – элдин ырыскысы” дегенди кандай түшүнөсүң?
3. Нандын курамында эмнелер бар?

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Нандын күкүмү да нан.

Нан болсо, ыр да болот.

## «Ойло, изде, тап» оюну.

**Алфавит боюнча сөздөрдү айтуу менен оюнду улант.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Досторуңдун жоруктарынан

### ЛИМОН

Чебурачка дүкөнгө келди.
– Лимон барбы? – деп сурады дүкөнчүдөн.
– Лимон жок.
Чебурачка эртеси дагы келип сурады.
– Лимон барбы?
– Лимон жок.
Чебурачка күндө келип сурай берип, дүкөнчүнү тажатты.
– Эртең дагы сурасаң, тетиги делдейген кулагыңды мык менен дубалга кадап коём, – деди дүкөнчү.
Анда Чебурачка:
– Мык барбы? – деп сурады кайра.
– Мык жок.
– Анда лимон барбы?...



**Нан жөнүндө эмнелерди билесиң?**



Нан – жашоонун кулазыгы.
Нан –?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 48-сабак ДАРАКТАР КАНЧА ЖЫЛ ЖАШАЙТ?

Бул суроого жооп берүү кыйын. Көбүнчө буга дарак канча жашай алса, ошончо жашайт, деп жооп берилет. Чындыгында, алар кесилип кетип же сырткы чөйрөнүн таасиринде толук жашай албай калышат.

Негизи, түрдүү дарактар түрдүүчө жашашат. Дуб бир жарым-эки миң жыл, ак кайың жана карагай 250 жылга чейин жашашы мүмкүн. Түндүк Америкада көптөгөн көөнө дарактар сакталып калган. Ал жерде үч миң жылдан ашык жашап турган чоң секвойя дарактарын көрүүгө болот.

Секвойя эң бийик дарак болуп эсептелет. Анын бийиктиги 110 метр 80 сантиметрге барабар. Ал дарак АКШнын Редвуд атындагы улуттук паркында өсөт. Бул кырк кабаттуу имараттын бийиктиги менен барабар. Денесинин төмөнкү бөлүгүнүн эни 11 метрге тең.

Дарактын жашы бир орунда көгөргөнү же адам көчүрүп эккенине да байланыштуу. Табигый түрдө өсүүчү дарактар адам тарабынан көчөтү көчүрүп эгилген дарактардан көп жашашат. Дарактар жаратылыштын маанилүү бир бөлүгү болуп саналышат. Андыктан аларга аяр мамиледе болуу, зыян жеткирбөө биздин бурчубуз.



## Суроолорго жооп бер

1. Дарактар канча жыл жашайт экен?
2. Алардын бою канчага жетет экен?
3. Сен кандай дарактарды билесиң?

**Баш жана кичине тамгалар, алардын жазылышы**

Баш тамга менен ар бир жаңы сүйлөм жана энчилүү аттар башталып жазылат.

Мисалы: Атам Ташкент шаарына кетти.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТАШ БАКА МЕНЕН БУГУ




Күндөрдүн биринде таш бака суу жээктеп баратып, бугуга жолугат. Бугу:

– Эй, кыска буттуу жаныбар, кел жарышабыз, – дейт, жөн турбай.

– Макул, жарышса, жарышалы, жеңилип калып ыйлабасаң болду! – дейт таш бака.

– Мен башкадан жеңилсем да сенден жеңилбейм го! Өзүбүзгө жаккан жолду тандап алабыз – дейт өз күчүнө ишенген бугу.



– Макул, сен айткандай болсун, – дейт таш бака. Ошентип, экөө жол тандашкан соң, алар эртең менен жолугушууну чечишип, үйлөрүнө тарап кетишет.

Кечинде таш бака туугандарын чакырып, аларга бугу менен мелдеше кеткенин айтат. Анда таш бакалардын улуусу:

– Келгиле, биз мындай кылалы. Сен марага барып турасың. Калганыбыз марага чейинки жолдун ар жерине жашынып алабыз. Бугу бурулуп караганда ошол жерде кимибиз болсок, чуркап бараткандай түр көрсөтө беребиз – дейт. Буга баары макул болушат.

Эртеси таш бака менен бугу болжошкон жеринен жолугушуп жарышка түшүшөт. Бир топ чуркагандан кийин бугу:

– Ай, кыска бут, сен кайдасың?! – деп кыйкырат.

– Мен мындамын! – дейт арт жактагы таш бака чуркамыш болуп.

Бир аз чуркагандан кийин кайра: «Кыска бут, кайдасың?» – деп сурайт.

«Мен мындамын. Эмне жай чуркап келатасың?» – деп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

алдыдагы таш бака жооп берет. «Таш бака менден озуп кеткен турбайбы», – деп бугу ылдамдыгын күчөтөт. Марага жакын калганда кайрадан бугу:

– Кыска бут, кайдасың? – деп суроо салат.

– Мени көрбөдүңбү, мындамын! Буттарың узун болгону менен өтө жай чуркайт турбайсыңбы! Мага жетпейсиң го? – деп алды жактагы таш бака күлүп турган болот.

– Сени «кыска бут» деп шылдыңдаганым үчүн кечирип кой. Сен менден күлүк турбайсыңбы. Сага мындан кийин тийишпейм. Андан көрө биз эми дос болуп жүрөлү, – деп бугу кечирим сурайт. Ошентип, таш бака досторунун амалкөйлүгү менен жеңишке жетишиптир.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Жомокто канча таш бака катышкан дейсиң?
2. Эмне себептен таш бака марага биринчи келди?
3. Ушул сыяктуу дагы кандай жомокторду билесиң?

Баш тамга менен жазылган сөздөрдү айтып бер. Алар эмне үчүн баш тамга менен жазылды?

**Биринчи топ шаарлардын, экинчи топ айылдардын аттарын айткыла.**

шаарлар

айылдар



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТАБИЯТ ЖАНА БИЗ

50-сабак

Табиятка эмнелер зыян келтирет?





## Суроолорго жооп бер

1. Сүрөттө эмнелерди көрүп жатасың?
2. Бул сүрөттө табиятка кандай зыян жеткирилген?
3. Табиятты коргоо үчүн эмне кылуу керек?





## Суроолорго жооп бер

1. Сүрөттүн негизинде аңгеме түз.
2. Сен табиятты коргоо үчүн кандай жумуштарды аткарасың?
3. Колунда балмуздактын кагазы бар, аны эмне кыласың?

## Грамматикалык тапшырма

**Түзгөн аңгемеңдеги баш тамга менен жазылган сөздөрдү айтып бер. Аларды эмне үчүн баш тамга менен жаздың?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

51-сабак

# КАРКЫРА МЕНЕН ТУРНА



– Эй, эй, каркыра, турна,
Кайдан келе жатасың?
– Алтын саамай кыз алып,
Кыштан келе жатамын.
– Эй, эй, каркыра, турна,
Күнөс жерде эмнең бар?
– Жакшы окуган балам бар,
Таза жүргөн эжем бар.
– Эй, эй, каркыра, турна,
Бизден таза, ак бекен?
– Силердей эмес эжекем,
Мектебинен кечиккен.
– Эй, эй, каркыра, турна,
Кана дагы бирдеме айт.
– Коңгуроолор шыңгырайт,
Бизди ээрчибей кайра кайт.

*Алыкул Осмонов*



## Суроолорго жооп бер

1. Каркыра, турнаны көргөнсүңбү?
2. Бул куштарды саякатчы куштар десек болобу?
3. Сен дагы кандай саякатчы куштарды билесиң?

## Грамматикалык тапшырма

**Кандай сөздөр баш тамга менен жазылат?**

| Адамдар | Шаарлар | Жаныбарлар |
|---|---|---|
| Акылай | Бухара | Симба |
| ? | ? | ? |




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## БИЛИМИНДИ СЫНА

52-сабак

**1. Туура жазылган йоттошкон тамгаларды тап.**
А) е, ё, ю, я; Б) йа, йо, йу, йэ; В) ай, ой, уй.
**2. Тирүү жандын атасы ким?**
А) жер; Б) күн; В) суу.
**3. Төмөнкү ыр саптарында кайсыл мезгил сүрөттөлгөн?**
Жашыл, сары туш тарап,
Тоодой пахта үйүлүп,
Көргөндүн көзү суктанат.
Теримчилер кубанат.

А)  ; Б)  ; В)  .

**4. Баш тамга менен жазылган сөздөрдү тап.**
А) чака, бийчи; Б) Бектемир,Термез; В) чөмүч, ручка.
**5. Гүлнур Рекске эмне берди?**

А)  ; Б)  ; В)  .

**6. Муунга туура бөлүнгөн сөздөрдү тап.**
А) ас-ман, чай-нек; Б) тел-ефон; В) эш-ик, каш-ык.
**7. Чабандес бала аңгемесиндеги баланын аты ким?**
А) Самат; Б) Нурлан; В) Бекназар.
**8. Муундун канча түрү бар?**
А) 5; Б) 3; В) 2.
**9. Эң бою узун дарак кайсы?**
А) Секвойя; Б) Дуб; В) Эмен.
**10. Уңгу деп эмнеге айтабыз?**
А) Сөзгө уланган бөлүгү;
Б) Сөздүн маани берген бөлүгү;
В) Мүчөгө уланган бөлүгү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

53-сабак



# ТАЗАЛЫК ДЕГЕН ЭМНЕ?

Тазалык – бул адептүүлүк. Адептүү бала ар убак өз боюн таза алып жүрөт. Таза жерлерди басып, кийимдерин кир кылбайт. Ар убак самын колдонуп, өзүнүн тиш щёткасы, сүлгүсү, жүз аарчысы болушу керек.



Колунун, бутунун тырмагын алып, чачтарын тартипке келтирүүсү зарыл. Эгерде жаныбарларды кармаласа, сөзсүз колун самындап жууп, андан кийин тамактанат.

Окуу куралдарын таза кармап, барактарына чийбей, булгабай сактайт. Үй ичиндеги эмеректерди иретке келтирип, тазалап турат.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Тазалык деген эмне?
2. Адептүү бала кандай болот?
3. Тазалык жөнүндөгү ырлардан билесиңби?

## Табышмак

Сууга тийсе эзилет, кирди дароо кетирет. (С…)

**Сөздү муунга ажыратуу**

Сөздөрдө канча үндүү тыбыш болсо, ошончо муунга ажырайт.

## Грамматикалык тапшырма

| сөз | 1-муун | 2-муун | 3-муун | 4-муун | 5-муун |
|---|---|---|---|---|---|
| бул | бул | | | | |
| таза | та | за | | | |
| тазалык | ? | ? | ? | | |
| барактарын | ? | ? | ? | ? | |
| эмеректерди | ? | ? | ? | ? | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТУУРА ТАМАКТАНУУ ЖАНА ДЕН СООЛУК

54-сабак




Жакшы өсүп, жетилип, ден соолук чың болушу үчүн жакшы жана туура тамактануу керек. Себеби, жакшы тамактануу организмди керектүү азык заттар менен камсыздайт. Көптөгөн оорулардан сактайт. Адам баласы эптеп эле карын тойгузуу үчүн эмес, энергияга бай, иммунитетти көтөрүүчү, сергек жашоо мүнөзүнө ылайыктуу тамактарды жеши керек.

## Туура тамактануу

Туура тамактануу – бул эртең мененки, түшкү, кечки тамактарды өз убагында ичүү дегени. Тамак-ашыбыздын курамында A, B, C витаминдерин камтыган азыктар болуусу зарыл. Биздин дасторкондо жашылча жемиштердин ар дайым болгону жакшы. Аларды таза жуугандан кийин гана дасторконго коюу керек. Тамактануу алдынан дайыма колду самындап жууп жүрүүгө адаттан. Мына ушул эрежелерди сактаганда гана сенин дениң сак болот.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Кандай тамактанууну билесиңби?**

| Рацион | Өлчөмү (г) |
|---|---|
| **Таңкы тамак** | |
| Күрүч ботко | 200-250 |
| Быштак | 40 |
| Сүт кошулган чай | 150 |
| Ак нан | 25-30 |
| **Түшкү тамак** | |
| Каймак кошулган жашылча сорпо | 100-150 |
| Эт туурагычта майдаланган эт | 50-70 |
| Эзилген картошка | 50-100 |
| Жемиш ширеси | 100 |
| Кара нан | 10 |
| **Түштөн кийинки тамак** | |
| Кефир | 150-200 |
| Печенье | 20-30 |
| Жашылча | 150-200 |
| **Кечки тамак** | |
| Сабиз салат | 50 |
| Сүттүү кесме | 150-200 |
| Таттуу чай | 150 |

## Суроолорго жооп бер

1. Ден соолугуң чың болушу үчүн эмне кылуу керек?
2. Туура тамактануу деген эмне?
3. Сен туура тамактанасыңбы? Салыштыр.

## Грамматикалык тапшырма

**Сөздөрдү муундарга ажыратып айтып, жадыбалды толтур.**

| Сөздөр | Муунга ажыратуу |
|---|---|
| күрүч | кү-рүч |
| майдаланган | ? |
| картошка | ? |
| сүттүү | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# БААРЫ БИР

55-сабак

Эжекеси Сайра
Жуугун десе бетин:
– Эртең эле баары бир,
Кир болот, – дейт Бекин.

– Көйнөгүң кий, Бекинтай!
Десе эжеси Сайра.
– Кечинде эле баары бир,
чечем да, – дейт кайра.

Айткан тилин укпай,
Бекин мойнун бурады.
Аздан кийин, – мага
Тамак бер, – деп сурады.

– Ачып калат курсагың,
Эртең эле кайра,
Андан көрө ичпегин, –
Деди эжеси Сайра.



## Суроолорго жооп бер

1. Бекинтай кандай бала экен?
2. Эжеси Сайра эмне үчүн тамак ичпе деди?
3. Сен өзүңдү таза алып жүрөсүңбү?

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Дени сак болом десең – сергек бол.

Дени сактын өмүрү узун.

## «Ойло, изде, тап» оюну.

**Биринчи окуучу башкы муунду айтат, калган окуучулар кийинки муундарды айтуу менен сөз түзүшөт.**
Э-же-ке-си, Сай-ра,...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

56-сабак

# ТУУРА ТАМАКТАНУУНУН АЛТЫН ЭРЕЖЕСИ



1. Тамактануу алдында колуңду сөзсүз самындап жуу.



2. Эртең мененки тамакты шашылбай ич.



3. Жер-жемиштерди жууп, көп-көп жегенди унутпа



4. Шербет же суу ич.



5. Өтө таттуу жана өтө ачуу нерселерди жебе.



6. Газдалган суусундуктарды ичпе.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



7. Тез татымдардан (гамбургер, хотдог) алыс бол.

## «Сөздөн сөз жаса» оюну.

**Жасаган сөздөрүңдү муундарга ажырат.**

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Т | А | М | А | К | Т | А | Н | У | У |

**Муундун түрлөрү. Ачык муун**

Ачык муун – жалаң гана үндүүлөрдөн турган, же үнсүз тыбыш менен башталып, үндүү тыбыш менен аяктаган муундар.

Мисалы: А- па, а- та, та- мы, да- ны.

## Грамматикалык тапшырма

**Төмөнкү муундардын ичинен ачык муунду таап, айтып бер.**

Мисалы: Та-мак-та-нуу, ко-луң-ду, у-нут-па, ө-тө, а-чуу, тат-туу, суу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

57-сабак

# ЭҢ ЭЛЕ КЕРЕК ҮЧ НЕРСЕ

Биринчиси – тазалык,
Ыплас иштен качалык.
Жуунуп көңүл ачалык.
Таза жерге жаталык.

Экинчиси – эң керек,
Эне-атага бир белек:
Тартиптүүлүк. Аны биз,
Сактабасак, ким берет?

Үчүнчүсү – ак эмгек,
Үйрөн көнүп, жаш кезден.
Үйүң толот иштесең,
Табылат жогуң издесең.

*Темиркул Үмөталиев*

## Суроолорго жооп бер

1. "Адамга керек үч нерсе" – деп автор эмнелерди айтып жатат?
2. Тартиптүүлүктүн тазалыкка кандай пайдасы бар?
3. Эмгек да ден соолукту чыңдайбы?

**Тилибизди жатыктырабыз**

Биздин үйдө аары бар,
Чагып алат аарылар.
Барбагыла баарыңар.
Чагып алса аарылар,
Барсаңар эгер баарыңар,
Бакыргыла баарыңар.

*Абзий Кыдыров*

## Грамматикалык тапшырма

**Ырдын алгачкы төрт сабындагы сөздөрдү муунга бөлүп, ачык муундарды айтып бер.**

Мисалы: Би-рин-чи-си – та-за-лык.

Ачык муундар: -би, -чи, -си, -та, -за.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТАЗАЛЫК – ДЕН СООЛУКТУН БУЛАГЫ

58-сабак

Азат жашы тогузга чыкса дагы өзү теңдүүлөрдөн кичине көрүнөт. Мектепте орто окуйт. Бирок жаныбарларды аябай жакшы көрөт. Талаадан кирпи кармап алып, аны багат.

Ит, мышыкты тим эле өөп, жыттап табагынан тамак берет. Анысы жакшы дечи, бирок өзү тазалыкты сактабайт. Жуулбаган колу менен тамак жейт. Кээде өзөндөгү суудан суусагандан ичип да алат.

Мына ушинтип ал күндөрдүн биринде ооруп калды. Эч нерсеге көңүлү келбей, өңү керсары тартып, тамак ичпей жалдырап жатты.

Ата-энеси тынчсызданып, доктур чакыртышты. Доктур келип, «тезинен ооруканага алып баргыла, – деди.

Азатты ооруканага жаткырышты. Доктурлар текшерип көрүп, «сарык» деген жугуштуу оору экендигин аныкташты. Бул оору таза эмес жүргөндүктөн, жаныбарлардан, абада тараган микробдордон жуккан деген жыйынтыкка келишти. Азат ооруканада бир айдай жатты.

Спорт менен машыгуу абдан жакшы, ден соолукка пайда алып келет. «Тазалык – өмүр булагы» деп бекеринен айтылган эмес.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Азат эмне үчүн ооруп калды?
2. “Сарык” кандай оору экенин билесиңби?
3. Ден соолукту сактоо үчүн эмне кылуу керек?

## Грамматикалык тапшырма

**Тексттеги ачык муундарды айтып бер.**

| муундар | ачык муундар |
|---|---|
| А-зат-ты | -а, -ты |
| Та-за-лык-ты | ? |
| Оо-ру-ка-на-га | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

59-
сабак

# АПАСЫ ЭМНЕГЕ КАПАЛАНДЫ?

– Апа, мен келдим. Асан сумкасын босогого таштап, батинкесинин боосун чече албай жатты.

– Келегой карaлдым, – деп таза, тыкан кийинген апасы ашканадан чыкты.

– Мен тамак даярдап жатам, батинкеңдин боосу кана? Эмне менен байлап алгансың?

– Жип эле, эмне болмок эле. Асан мурдун шор тартып, кийимдерин туш келди таштап, ашканага кирди.

– Балам, адептүү болуп чоңойсоң боло. Кийимдериңди, сумкаңды өз ордуна коюп, бети-колуңду жууп, анан тамактан. Жакшы окуучу таза, тыкан, тартиптүү болот, – деп апасы капалуу тиктеп турду.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Апасы эмнеге капаланды?
2. Таза, тыкан, тартиптүү дегенди кандай түшүнөсүң?
3. Асан апасынын сөзүнөн жыйынтык чыгара алабы?
4. Сен апаңдын капа болушун каалайсыңбы?

### Жабык муун

Үндүү тыбыш менен башталып, үнсүз тыбыш менен аяктаган муун жабык муун деп аталат.

Мисалы: ат, от, эт, ит

## Грамматикалык тапшырма

**Төмөнкү сөздөрдү муундарга ажыратып, кандай муун экенин айтып бер.**

Батинкесинин, апасы, Асан, ашканадан, эмне, алгансың.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИЧИНЕКЕЙ КӨНҮГҮҮ

60-сабак



Ийилгин да сол жакка,
Өйдө көтөр оң колду.
Шашып кетип унутпа,
Бутуңду түз койгонду.

Эми кандай болчу эле?..
Оңго ийилмей, албетте.
Бөйрөктөгү сол колуң,
Өйдө болот ал кезде.



Көргөндүрсүң көп ирет,
Куштар канат какканын.
Колду шилте өйдө-ылдый,
Кана эми баштагын.

«Бир» дегенде кош колду,
Жайгын эки тарапка.
«Эки» болсо – капталга,
Келе калсын заматта.



Эми болсо отуруп,
Колуңду артка таягын.
Чалкала да, эсиңе ал,
Буттун өйдө барышын.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Ырды окуу менен көнүгүүлөрдү жаса.
2. Сен дагы кандай көнүгүүлөрдү билесиң?
3. Ырды жаттап ал.






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 61-сабак БАКЫТ-ТААЛАЙ КАЯКТА?

Үч бир тууган болуптур. Атасы өлүмүнөн алдын талаадагы тилкени көрсөтүп, ушул жерге алтын көмүлгөн. Мен өлгөндөн кийин ошол алтынды таап, бөлүшүп алгыла дейт. Атасы ааламдан өтөт.

Балдар бир күнү колдоруна күрөк алып, атасы айткан алтынды издей башташат. Бир туугандар тилке жерди бүт казып чыгышат. Бирок алтынды таба алышпайт. Ошол кезде жолдон бир дыйкан өтүп бара жатып, бир туугандарды көрүп калат. Үч бир тууган дыйканга салам беришет.



Дыйкан казылган жерди көрүп, бул жерди айып кылбай, буудай сээп койгула деп кеңеш берет. Бир туугандар кеңешип, буудай сээп коюшат. Күркүрөгөн күздө ошол аянтчадан аябагандай мол түшүм алышат. Ошондо гана ага-инилүү жигиттер атасы айткан алтын мына ушул экенин түшүнүшүптүр.

## Суроолорго жооп бер

1. Атасы алтынды чындап эле көмүп койгон беле?
2. Дыйкан жерди эмне үчүн айып кылбагыла деди?
3. Эмгектенүү аркылуу да ден соолукту чыңдаса болобу?

**Топтордо иштейбиз**

**Топторго бөлүнүп, ачык жана жабык муунга сөз тапкыла.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## БӨБӨККӨ

62-сабак

Кийинип жүр жасанып,
Досуң болсун тазалык.
Чач тарабай мыш болбо,
Тазалыктан жаза алып.

Эсте эжей кептерин,
Кир болбосун дептериң.
Бүктөп, чийип булгаба,
Китебиңдин беттерин.

Оркойбосун тырмагың,
Эске сакта бул жагын.
Кол, бетиңди жуу десе,
Тартынчыктап турбагын.



### Суроолорго жооп бер

1. *"Чач тарабай мыш болбо, Тазалыктан жаза алып"* деген ыр саптарын кандай түшүндүң?
2. Ырды окуп, өзүңдүн тазалыгыңды салыштыр.
3. Китеп, дептерлериң кандай сакталган?

**Туюк муун**

Муундун башындагы тыбыш да, аягындагы тыбыш да үнсүздөн болсо, ал туюк муун деп аталат.

Мисалы: бал, бал-дар, көл, көл-мөк, кап-кан, тал-кан.

### Грамматикалык тапшырма

**Ырдагы сөздөрдү муунга ажыратып, туюк муундарды айтып бер.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 63-сабак БИЛИМИҢДИ БЫШЫКТА

**Сүрөттөрдүн негизинде сүйлөм түз.**





## Грамматикалык тапшырма

**Түзгөн сүйлөмүңдөгү сөздөрдү муундун түрлөрү боюнча айтып бер.**

**Жоопторун тап**

1. Апам дайым колдонгон бул сулуулук каражаты.

2. Мунун түрү көп эле,
Колдоносуң күндө эле.
Тазалайсың кийимиңди,
Ага кошуп тишиңди.

3. Колдонобуз ар убак,
Суюгун да, катуусун.
Көбүгүн анын окшотом,
Ташып жаткан булутка.

4. С ны улап жазасың
Жакшынын синонимин табасың.

5. Кесип алсаң колуңду,
Бул басат сенин ооруңду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# АШЫККАНДА КИЙИПТИР

64-сабак

Ойнойбуз деп талаага,
Чечингенде байкадым.
Бир бутуңку чоң го – деп,
Бакашка баш чайкадым,
Ашыкканда кийиптир,
Атасынын байпагын.

*Абзий Кыдыров*



## Досторуңдун жоруктарынан

**Оорубайт**

– Мурат, балка менен ойнобо. Колуңду чаап аласың – деп эскертти атасы. Анда баласы минтет:

– Меники оорубайт, ата. Мен какканда, мыкты Айша кармап турат.

**Накыл сөздөр**

Таза болсоң суудай бол, баарын жууп кетирген.

Тазалык – өмүр булагы.

Тазалык – ден соолуктун негизи, ден соолук байлыктын негизи.

Агын сууда арам жок.

Биринчи байлык ден соолук.

## Грамматикалык тапшырма

**Сөздөрдү муундун түрлөрү боюнча бөлүп айт.**

| сөздөр | Ачык муун | Жабык муун | Туюк муун |
|---|---|---|---|
| ойнойбуз | | ой | ной -буз |
| талаага | та-лаа-га | | |
| байкадым | ? | ? | ? |
| тазалык | ? | ? | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

65-66-сабак

# ТЫРМАК

Дем алыш күндөрү кичинекей Тимур үчүн баа жеткис майрам. Ал күнү укта десе да болбой, эрте турат да, көчөгө чыгабыз деп атасы менен апасын шаштырат. Анын минтип шаштырганынын жөнү бар. Ал музейден бир ирет көргөн тирүү балыктарды, таш бака, жыландарды дагы көргүсү келет. Атасынын балмуздак сатып бергенин, айрыкча ат арабага түшүп атасы менен бирге сейил бакты аралаганды сүйөт.

Бүгүн да ошентти.

– Мен сиздин тилиңизди алам ээ, ата, – деп эркеледи Тимур атасына.

– Ооба, – деди атасы.

– А сизчи,– деп Тимур ойлуу карады.

Атасы күлүп:

– Ооба, – деди.

– Анда бүгүн көчөгө барып ат арабага түшпөйлүбү?

Атасы уулунун мындай айлакерлигине моюн сунуп, макул болду. Ошентип, алар жөнөй турган болушту.

– Тимур, токточ у, тырмагыңды алып берейин, деп калды ошо кезде апасы. Тимур болбоду ат арабачы байке кетип калат деп. Тимур колунун тырмагын алгандан ушинтип качмай адаты бар. Анда: “Ырас, унутпай, эсиме түшпөдүбү, бүгүн балдардын колдорун текшеребиз, колунун тырмагы өскөн балдарды ат арабага түшүрбөйбүз деп айтышкан, мен унутуп кала жаздаган турбаймынбы” – деп уулун карады атасы. Ошентип, Тимур кыйылып жатып макул болду.





*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Убадалашкандай, атасынын айткан сөзү дал келбеспи! Алар арабага келгенде Тимур “арабакеч байке, көрдүңүзбү, мен тырмагымды апама алдырып келдим”, – деп көргөзүп калды.

– Атаа, мен унутуп калган турбаймынбы, – тырмагы өсүп, апасына алдырбаган балдарды арабама мингизбейм. Болбосо, тырмактары менен отургучтун сырларын көчүрүп ташташат...– дебеспи. Анан, арабакеч байке чындап эле башка балдардын да колдорунун тырмактарын текшерип чыкты. Бир баланын тырмагы өскөлөң экен. Аны карап башын чайкады да, “мейли, бүгүнчө отура тур, эгер эмкиде да ушул тырмагың менен келсең арабама салбаймын. Макулбу?” – деди. Тиги бала кызарып, уялып калды!

Тимур атасына эми чындап ишенди. Жана “ырас эле тырмагыңды апаңа алдыр” деп айтканына ыраазы болду. “Кокус унутуп калганда эмне болот эле. Унутпай айтып койгону жакшы болбодубу...”.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Тимур эмне үчүн дем алыш күнүн жакшы көрөт?
2. Ал тырмагын өзү айтып алдырдыбы?
3. Сен да көчөгө чыгаарда тырмагыңды карайсыңбы?

## Табышмак

Козгойт сени уйкудан,<br>
Коңгуроосун каккылап.<br>
Кош найзасын көтөрүп,<br>
Кете берет чапкылап. (С...)

**Топтордо иштейбиз**

**Үч топко бөлүнүп, ачык, жабык, туюк муундарга сөз тапкыла.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

67-сабак


# ТАЗА АБА МЕНЕН ДЕМ АЛУУ

Таза аба менен дем алуу ден соолукка абдан пайдалуу.

Тоолордо, токойлордо, бак-дарактуу жерлерде аба өзгөчө таза болот. Ошондуктан таза абада көп болуу керек.

Үйдүн ичин дайыма тазалап, терезени бат-бат ачып, үйдү желдетип турганды Асел да жакшы көрөт.

Асел быйыл экинчи класста окуйт. Ал абдан тыкан кыз. Өзү да тазалыкты жактырат. Бүгүн да эрте турду. Ордунан туруп эле, терезелерди ачты. Терезеден кирген таза аба аны дароо сергитти. Жаткан ордун жыйнап, таңкы көнүгүүнү жасады. Асел терезе алдындагы гүлдөргө суу куйду. Апасы кичинекей кызынын жасаган ишин көрүп, абдан кубанды. Атасы болсо, дем алыш күнү кызын сейил бакка алып барарын, таза абада айлантып келерин айтты.



## Суроолорго жооп бер

1. Таза аба ден соолукка таасир тийгизеби?
2. Кандай жерлерде аба таза болот?
3. Асел кандай кыз? Анын жасаган ишин сен да жасай аласыңбы?

## Грамматикалык тапшырма

**Тексттен алты сөздү муундарга ажыратып, кандай муун экенин айтып бер.**

| Сөздөр | Жабык муундуу сөз | Туюк муундуу сөз |
|---|---|---|
| тоо-лор-до | үй-дүн | жер-лер-де |
| 🔵🔴🔴 - 🔵🔴🔵 - 🔵🔴 | 🔴🔵 - 🔵🔴🔵 | 🔵🔴🔵 - 🔵🔴🔵 - 🔵🔴 |
| бо-луу | ал | гүл-дөр |
| 🔵🔴 - 🔵🔴🔴 | 🔴🔵 | 🔵🔴🔵 - 🔵🔴🔵 |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТООГО КИМ БАРАТ?

68-сабак

Кечинде Рысбек балдарына мындай деди:

– Балдарым, эртең дем алыш ээ? Тоого баралы. Даярдангыла.

– Ураа! – деп кичинекей Мирлан сүйүнүп кетти атасынын сөзүн угуп.

– Мен дагы даярданам. Тоого барабыз! Гүл теребиз! Ойнойбуз! Эс алабыз!

– Чоң ата, тоодон эмне кылабыз? Чөп чабабызбы? – деди улуу баласы Кемел.

– Ооба, балдарым, чөп чабабыз. Отун жыйнайбыз.

– Мен да барамбы? – деди ортончу уулу – Касым.

– Ооба, мен, сен, байкем, үчөөбүз барабыз. Атасынын бул сөзүн угуп, кичинекей Мирлан ага эркеледи:

– Ата, мен эртең бөбөгүмдү ойнотоюн ээ?...

Мирландын бул сөзүнө атасы, апасы, байкелери баары күлүштү.

## Суроолорго жооп бер

1. Мирлан тоого барып эмне кылмакчы эле?
2. Кемел эмне деп сурады? Алар тоого эмне үчүн барышат экен?
3. Алар эмнеге күлүштү? Мирлан да тоого барабы?

**Сөздү ташымалдоо**

Жазып жатканда сапка батпай калган сөздүн муунун жаңы сапка ташып жазабыз. Муну ташымалдоо деп атайбыз.

## Грамматикалык тапшырма

**Туура эмес муунга бөлүнгөн сөздөрдү таап, тууралап муунга бөлүп айт.**

Ке-чин-де, Ры-сбек, ба-лдар-ы-на, эр-тең,тоо-го, бар-алы. Даяр-дан-гы-ла, сүй-үн-үп, то-о-го, ү-чө-ө-бүз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

69-сабак

# ЧЫПАЛАК БАЛА

Илгери бир кемпир-чалдын бою чыпалактай баласы бар экен. Бир күнү төө аны жалбырак менен кошо жутуп коюптур. Чыпалак бала төөнүн ичинен чыңырат. Аны уккан кишилер төөнү союп, баланы алып чыгышат. Бир күнү карышкыр Чыпалак баланы көрүп калат.



– Сен кимсиң? Жеп коёюнбу?

– Өзүңө жаман, ит кылып салам.

– Карышкыр ит болот деп ким айтты? Ушул сөзүң үчүн сени жейм, – деп баланы жутуп коёт. Бир күнү карышкыр койго жакындап келет. Ичинен Чыпалак бала бакырып койчуманды ойготот.

Карышкыр эптеп качып кутулат. Ачка калган карышкыр:

– Андан көрө адамга барам да, ит болуп жалданып алам, – дейт. Ошентип, карышкыр ит болуп калган экен.

*Чыңгыз Айтматов*

## Суроолорго жооп бер

1. Жомок ким жөнүндө?
2. Кемпир-чалдын баласы кандай экен?
3. Чындап эле карышкыр ит болуп калганбы?

## «Ойло, изде, тап» оюну.

**Бир муунду, эки же андан көп муундуу сөздөрдү таап, айтып бер.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КУУРЧАК ЖАНА БАЛА



Илгери-илгери бир падыша болуптур. Күндөрдүн биринде ал өзүнө коңшу мамлекеттин падышасын сынамакчы болду. Зергер усталарына алтындан үч окшош куурчак жасатты да чабармандан берип жиберди.

Чабарманга: «Бул куурчактар өңү-түсү, салмагы, өлчөмү жагынан бирдей, бирок баасы ар кандай. Бири арзан, экинчиси кымбат, үчүнчүсү андан да кымбат. Мына ошонун сырын чечип берсин», – деп эскертти.

Коңшу падыша куурчактарды карап көрүп, алардан эч бир айырманы таппады. Көп убара болду. Көптү билген, көзү канык карыялардан, чебер усталардан, вазирлерден сурады. Алар да ары карап, бери карап, акыры «бул куурчактарда эч айырма жок», деген бүтүмгө келишти.

Акыры бул куурчактардын кабары жер-жерге тарады. Чоң-кичине дебей үч куурчак жөнүндө сүйлөшүп жатышты. Муну жасабаган айыбы үчүн зынданга түшкөн жетим бала укту да, кароолчуга:

– Эгерде ошол куурчактарды мага көрсөтүшсө, алардын айырмасын айтып берер элем. Ал үчүн көп нерсе да сурабайм. Зындандан чыгарса болду, – деди.

## Суроолорго жооп бер

1. Кошуна падыша кандай сыноону коюптур?
2. Куурчактар бирдей болсо, анын айырмасы барбы?
3. Жетим бала жандырмагын тапканга эмнени сурамакчы болду?

**Тилибизди жатыктырабыз.**
Кой солдогу жолдобу,
Же жолдон солдобу?

## Грамматикалык тапшырма

**Сөздөрдү туура жана туура эмес муундарга ажырат.**
Куурчак, жасатты, жарыялады, айырмасы.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## II

Муну уккан падыша баланы ордого алып келтирди. Бала куурчактарды карап отуруп, алардын кулактары көзөлүү экенин байкады. Анан ал ичке зымды алып биринчи куурчактын кулагына тыкты. Кулагына кирген зымдын учу анын оозунан чыкты. Экинчисинен өткөргөндө зымдын учу берки кулагынан чыкты. Үчүнчү куурчактын кулагынан өткөргөн зым анын ичинде калды. Бардыгы буга аң-таң болушту.

Ошондо бала мындай деди:

– Урматтуу падышам! Куурчактар да адамга окшош экен. Биринчи куурчак бирөөдөн укканын ошол замат элге айтып салчу оозу бoштор сыяктуу. Ошондуктан мунун баасы арзан. Экинчи куурчак оң кулагы менен укканын сол кулагынан чыгарып жиберген, өзүнөн башканы укпаган, кеңешке келбеген, кеп жебес адамдарга окшош экен. Үчүнчү куурчак кандай гана сөз болбосун сыртка чыгарбаган, аны өзүнчө ылгап талдаган, оор басырык адам сыяктуу. Андыктан мунун баасы кымбат.

Бул табышмактын сыры чечилгенге бардыгы ыраазы болушту. Балага алкыш айтышты да, куурчактардын кайсынысы арзан-кымбат экенин жазып, баягы падышага жөнөтүштү. Жетим баланы болсо зындандан чыгарып, падыша өзүнө кеңешчи кылып алган экен.

### ? Суроолорго жооп бер

1. Куурчактар бири-биринен эмнеси менен айырмаланат экен?
2. Муну бала кандайча чечмелеп берди?
3. Берген жообу үчүн падыша аны кантип сыйлады? Эмне үчүн?

### Грамматикалык тапшырма

**Төмөнкү сөздөрдү муундарга бөлүп айтып бер.**

Падыша, ордого, бала, куурчактарды, алардын, кулактары, көзөлүү, ичке, зымды, биринчи, оозунан, экинчисинен, өткөргөндө, зымдын, аң-таң.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ТАМАК ИЧҮҮ АДЕБИ

72-73-сабак

Тамакка отураардын алдында колуңду жуу. Олтурган ордуңду кара, улуулата отурганды унутпа. Тамакка да биринчи аксакал адамдар, ата-энең, улуулар кол узатсын, андан кийинки кезек сеники. «Алыныз, алыңыз» деген сөздү айтканды унутпа.

Эгерде сен колго суу куюп калсаң, отурган элдин сол тарабынан башта. Сууң жылуу, кол аарчың таза болсун. Сууну шыркыратпай, жылжытып куй. Тамак ичкенде канчалык ач болсоң да, сугалактык кылба. Шорулдатпай, чапылдатпай, оозуңдан агызбай, төкпөй-чачпай этияттап ич.

Ар ким тамакты өз алдынан алып жейт. Жемиштерди жегенде ар ким каалаган алмасын же алмурутун тандап жешет. Биреөлөрдүн жеп жатканын карабай, өз алдыңдагы тамакты кара. Нанды ысыраптабай, ушалабай, отурган ордуңа чачпай, абайлап, үнөмдөп же. Напсиңди тыйып, дайыма адал тамактансаң, ден соолугуң чың болот, оорубайсың.

## Суроолорго жооп бер

1. Тамакка отуруудан алдын эмне кылуу керек?
2. Колго суу куюуда эмнелерге көңүл буруу керек?
3. Тамактануунун кандай эрежелерин билесиң?

## Грамматикалык тапшырма

**Төмөнкү сөздөрдүн негизги жана жардамчы бөлүктөрүн айтып бер.**

Тамакка, адамдар, биринчи, сууну, элдин, ичкенде, жемиштерди, алмасын, нанды.

Мисалы: тамак-ка, адам-дар,...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

74-сабак

# НЕ ДЕЙБИЗ?

Бир нерсеге аттиң деп,
Өкүнгөндө к... дейбиз.
Жаңы кийим алганда,
Кийип көрүп ч... дейбиз.
Шырп алдырбай үрөт ал,
Короого эң с... дейбиз.
Биздин айыл жемиштен,
Телегейи т... дейбиз.
Алма, өрүк ар короодо
Оңбогондой к... дейбиз.
Азыр биздин айылдын
Төрт түлүгү ш... дейбиз.
Кой, козусу жер жайнап
Жемишке да б... дейбиз.



*"Балаты" журналынан*

**Ырдагы түшүп калган тамгаларды таап, ырды толуктап оку.**


**Топтордо иштейбиз**

**Биринчи топ сөздүн негизин айтат, экинчи топ ошол сөзгө жардамчы бөлүгүн улап айтат.**

## Грамматикалык тапшырма

**Булар кайсы мамлекеттердин туулары? Сөздөрдү уңгу жана мүчөгө ажырат.**








*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КЕЛ ЭСЕПТЕП ЧЫГАЛЫ


75-сабак

Таңда чыкты короого,
Токсон тоок, каз, өрдөк.
Бакча жакка жутунду,
Бардыгынан ач өрдөк.



Бүткүл өрдөк, каздардын,
Жарымына тең эле.
Каздар болсо тооктордон,
Дал он бешке кем эле.
Андай болсо айткыла,
Өрдөк канча, каз канча?

Тоок эсебин алайын,
Туш-туш жакка басканча.
Анда чогуу олтуруп,
Баш катырып көрөлү.
Ушул жерден билинет,
Кимдин кандай өнөрү.



*Абзий Кыдыров*

## Суроолорго жооп бер

1. Тоок, каз, өрдөктөр баары канча эле?
2. Өрдөктөр өзү канча эле?
3. Тоок, каз, өрдөктүн ар кайсынысынын санын тап.

## Грамматикалык тапшырма

**Сандарга да мүчө улап, айтып бер.**
**Сандарды орусча, англисче да айт.**

15 90 45 ? 30 4 360

## Макалды толукта

Жигитке ....... өнөр аз.
... сомуң болгончо, ... досуң болсун.

(жетимиш, жүз)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 76-сабак ОЙНОГУН СПОРТ ОЮНУН

Ойногун спорт оюнун,
Көбөйтөм десең өмүрдү.
Шамдагай, сергек, чың болуп,
Өстүрөм десең көңүлдү.
Ойногун спорт оюнун,
Жек көрсөң ажал, өлүмдү.

Ойногун спорт оюнун,
Күч кошом десең күчүңө.
Булчуңуң таштай чыңалып,
Бырыштар түшпөйт жүзүңө,
Ойногун спорт оюнун –
Чыгасың жаштын жүзүнө.



*Байдылда Сарногоев*

## Суроолорго жооп бер

1. Спорттун ден соолукка кандай пайдасы бар экен?
2. Эртең мененки көнүгүүнү жасайсыңбы?
3. Спорт ийримине катышасыңбы?

## Сүрөт менен иштөө

**Сүрөттөргө сүйлөм түз.**







*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ЛОГИКАЛЫК СУРООЛОР

77-78-сабак


1. Эки күн катарынан жамгыр жаашы мүмкүнбү?
2. Эки адам беш партиядан шашки ойнойт. Ар бири беш жолудан утту. Бул мүмкүнбү?
3. Кандай суроого «ооба» деп жооп берүүгө болбойт?
4. Кандай идиштен тамак иче албайбыз?
5. Адамдар менен унаалар басып өтүүчү жаныбар кандай аталат?
6. Чийки түрүндө жебейт. Бышкан соң таштандыга таштайт. Бул эмне?

**Чакмактардын ичине макалдар жашырылган. Аларды таап, оку.**

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Н | Ж | Е | | Ж | | К | Е |
| | А | | Р | | Е | Т | Р | С |
| Ө | Н | Ө | К | А | З | И | И | |
| М | | Р | | | Ы | Ө | Б | Р |
| Ү | | Л | Ү | Ү | Н | Л | П | Ү |
| Р | | | | Ө | А | Ч | Ө | М |
| | | | | Л | С | У | У | Ө |
| | | | | Б | Ө | Й | Т | |

## Грамматикалык тапшырма

**Сүрөттөргө –чы мүчөсүн улап айт. Кандай сөздөр пайда болду?**






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

79-80-сабак



# ӨНӨР – ЭЛ БАЙЛЫГЫ



Элибиз түрдүү кол өнөрчүлүккө бай эл экенине ишенесиңерби? Көркөм кол өнөрчүлүк – калк казынасы, атадан балага, энеден кызга өткөн мурас. Кол өнөрчүлүк – улуттук маданияттын ажырагыс бөлүгү. Кыргыздын элдик уздары жыгачтан, чийден, кийизден жана сайма өнөрүнөн көп мурастарды калтырышкан. Кыргыз эли өзүнүн жашоо-тиричилигинде кийизден жасалган буюмдарды кеңири колдонгон. Кийизден ар кандай кийим-кечектерди, төшөнчүлөрдү, ала кийиз, шырдактарды жана башка буюмдарды жасашкан.



Саймачылык – кыргыз элинин көркөм өнөрүнүн байыртадан бери кеңири таралган түрү. Кыргыз аялдары үй тиричилигине керектүү буюмдарын: туш кийиздерин, кийим-кечектерин, ат жабдыктарын саймалап кооздошкон.

Өрмөкчүлүк да кыргыздын кол өнөрчүлүгүндө белгилүү орунду ээлеген. Койдун жүнүнөн ийрип, жип жасашкан. Таар согуп, боз үйгө керектүү боолорду, сызмаларды токушкан.

Кол өнөрчүлүгүбүз көөнөрбөс мурасыбыз.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Көл өнөрчүлүк деген эмне?
2. Өнөр дегенди кандай түшүнөсүң?
3. Сен кандай өнөрлөрдү билесиң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## «Сөздөн сөз жаса» оюну.

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| С | А | Й | М | А | Ч | Ы | Л | Ы | К |

## Грамматикалык тапшырма

**Сүрөттөргө сүйлөм түзүп, уңгу сөздөрдү айтып бер.**







## Табышмак

Азыр жашым тогузда,
Жакында онго толомун.
Жылына тиксем үч бактан,
Алтымышка чыкканда,
Канча бак тиккен боломун



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

81-сабак

# КЫРГЫЗДЫН БОЗ ҮЙҮ

Кыргыздын боз үйү – элдин сергек акылынан чыккан. Чебер колунан тамган, теңдешсиз өзүнчө өнөр. Ал – укмуштай айлакердик, көркөмдүккө, математикалык так эсепке жана физикалык тең салмакка ээ. Жеңил десең жеңил чечкенге, тиккенге оңой, жайында салкын, кышында жылуу, жөнөкөй.

Боз үйдүн жыгачын ар түрдүү усталар жасашат. Ал өтө чеберчиликти, көп убакытты талап кылат. Ошондой эле боз үйдүн дагы бир өзгөчөлүгү, жыгачтары эч кандай мыксыз бириктирилет. Боз үйдүн уук-керегесин, босого таягын узанган чеберди «уукчу», «керегечи», түндүк жасаганды «түндүкчү» дешет.



## Суроолорго жооп бер

1. Боз үй жөнүндө эмнелерди билип алдың?
2. Боз үйдүн өзгөчөлүгү эмнеде?
3. Бир эле боз үй жасоо үчүн канча өнөр ээлери эмгек кылышат экен?

## Табышмак

Желими жок, мыгы жок,
Чебер уста жасаган.
Ал кандай жай, төрт мезгил,
Ата-бабаң жашаган? (Б.. ..)

## Грамматикалык тапшырма

**Сөздөн сөз жасап, жасаган сөзүңө сүйлөм түз.**

Ж А Й Л О О

Мисалы: Ай чыкты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨНӨРДҮН ПАЙДАСЫ



Иштеп акча табуу үчүн темирчи шаарга жөнөптүр. Жолунан ага бир адам учурап, экөө сапарын улантышыптыр.

Шаарга чейинки жол алыс болгондуктан, өздөрү жөнүндө айта башташты. Темирчи өзүнүн кесиби, жасаган буюмдары жөнүндө шеригине айтып берди. Ал эми өзүнүн эмне иш кылаарын сураган темирчиге колунан эч кандай жумуш келбестигин, өнөрү, кесиби да жоктугун билдирди. Кеч кирип калгандыктан, жолунан кезиккен бир үңкүрдө түнөп калышты. Булар түнөгөн үңкүргө каракчылар келип, экөөнү тең кармап алышты. Каракчылар алардын ким экенин, каякка, эмне үчүн баратканын сурашты.

Темирчи өзүнүн кесиби жөнүндө айтып берди. Колунда эч кандай өнөрү болбогон адамдын сөзүн угуп, аны зынданга салышты. Ал эми темирчиге «сен өнөрлүү адам экенсиң, андыктан сага ак жол» дешип, аны коё беришти.

## Суроолорго жооп бер

1. Темирчи эмнелерди жасайт?
2. Темирчиге өз өнөрү кандай жардам берди?
3. Колунда өнөрү болбогон адамды эмне кылышты?

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Өнөр — аккан булак, билим — күйгөн чырак.

Өнөрү жок жигит — канаты жок куш.

## Грамматикалык тапшырма

**Адашкан сөздөрдү ордуна коюп, сүйлөмдү оку.**

Темирчи шаарга жөнөптүр иштеп акча табуу үчүн.
Шеригине айтып берди, темирчи жасаган буюмдары жөнүндө өзүнүн кесиби.
Каракчылар келип, экөөнү тең кармап алышты булар түнөгөн үңкүргө.

**Сөздөрдүн уңгуларын айтып бер.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

84-сабак

# ДОСТУК

Алыскы Харезм өлкөсүндө бир балыкчы өткөн экен. Ал Амударыядан балык уулап тиричилик кылчу экен. Кесибинин айынан сууда сүзүүнү мыкты өздөштүрүптүр. Күндөрдүн биринде сууга киринсем деп агып кеткен кишини куткарып калат. Буга ыраазы болгон алиги адам балыкчы менен дос тутунат. Көрсө ал киши кооз кумуралар жасоочу карапачы болот.

Көп мезгил өтүп, экөө калың дос болуп кетишет. Балык уулаганга чакырса, карапачы сууда сүзө албастыгын айтат. Анда балыкчы досуна сууда сүзүүнү үйрөтөт. Буга жооп катары карапачы балыкчыга кооз кумураларды жасаганды үйрөтөт. Адамдар алардан эмне үчүн өз кесиптерин бири-бирине үйрөткөнүн сурашат. Анда алар: «Чыныгы достор өзү билгенин досуна да үйрөтөт», – деп жооп беришет.

*Гайратбек Токтобаев*

## Суроолорго жооп бер

1. Балыкчы менен карапачы кандайча достошушту?
2. Алар эмне үчүн кесиптерин үйрөтүштү?
3. Сенин да досуң барбы? Ал жөнүндө айтып бер.

## Макалды жаттап, маанисин чечмеле

Жакшы дос тар жерде,
Жаман дос ар жерде.

**Сөздүн мүчөсү**

Сөздүн уңгуга уланган бөлүгү **мүчө** деп аталат.

## Грамматикалык тапшырма

**Сөздөрдү уңгу-мүчөгө ажырат.**

Өлкөсүндө, балыкчы, Амударыядан, кумуралар, карапачы.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ӨНӨРЛҮҮ ӨЛБӨЙТ
## (кыргыз эл жомогу)



Акылкарачач жети жашка чыкканда колуна ийне-жип алган экен. Он эки жашка келгенде ысмы айылга тарап, ишмер аталыптыр.



Бир күнү Акылкарачачтын айылына душмандар кол салат. Катуу урушта хан жигиттери менен өлөт. Өлгөндөн калгандар бир айылга келип, өлбөстүн күнүн көрүш үчүн, бирөөлөрдүн малын багып, суусун ташышты. Арадан көп өтпөй, ал айылга дагы душмандар кол салат. Элинин ал-жайын көрүп, ачуусу келген бир баатыр урушка аттанууга кам көрөт.

Ал эң жакын жигиттерине:

– Менин жоокерлериме бирден ок өтпөс кийим керек. Чебер уздарды алдырып, ок өтпөс ак олпок тиктиргиле! – дейт.

Баатырдын айтканын уккандан кийин колунан көөрү төгүлгөн уздар, жүздөгөн чеберлер чогулуп, күндүр-түндүр соот, ак олпок даярдай башташат. Даярдалган ак олпок кийимдердин ичинен Акылкарачачтыкы өтө жаккан экен. Кийин душманды жеңип, санаасы тынган баатыр Акылкарачачка миң дилде, тогуздап мал бериптир.

Акылкарачач алган дүйнөсүн элге таратып берип, айыл-апасы менен жыргап-куунап жашап калыптыр.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Акылкарачач кандай өнөргө ээ болуптур?
2. Анын өнөрү өзгөчө кайсы учурда жогору бааланыптыр?
3. Эл үчүн кандай эмгектерди жасап, кызмат кылса болот деп ойлойсуң?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**ЭСИҢДЕ САКТА!**

Уңгуга жараша мүчө түрдүү вариантта өзгөрүп айтылат жана жазылат.


Мисалы: камчы-ла, шаар-дык, ай-ыл-дык, нан-дай, ай-дай, көпөлөк-төр-гө, таш-так.

## Грамматикалык тапшырма

**Сүйлөмдөрдөгү көк менен жазылган сөздөрдү уңгу мүчөгө ажырат. Мүчө уланганда тыбыштардын өзгөрүүсүнө көңүл бур.**

Акылкарачач жети жашка чыкканда колуна ийне-жип алган экен. Он эки жашка келгенде ысмы айылга тарап, ишмер аталыптыр. Бир күнү Акылкарачачтын айылына душмандар кол салат.

**Төмөнкү сөздөрдү туура келген мүчөлөрү менен туташтыр**






*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# УСТА БОЛОМ

87-сабак

Мени менен чогуу иштешкен түркмөн улутундагы Нургелди деген агам бар. Алардын үйүнө көп барам. Күндөрдүн биринде 2-класста окуган уулу Сахи менен сүйлөшүп олтуруп, сурадым:

– Сахи, айтчы, чоңойсоң ким болмокчусуң?

– Уста болом, – деди ал токтолбой.

– Устанын түрү көп, үй куруучу, машина түзөтүүчү, компьютер түзөтүүчү жана башка. Кайсы бирин айтып жатасың?

– Бут кийим түзөтүүчү уста!

Биздин маегибизди угуп тургандардын бардыгы дуу күлүп жиберишти. Кызматташ агамдын баласынын кызыктай жообу мени таң калтырды.

Көрсө, Сахи бир нече күн мурда атасы экөө үйдөгү бут кийимдерин түзөтүүгө Чарсу базарына түшүшкөн экен. Бут кийимдерди түзөткөн уста кызмат акысына көп акча алат. Кайтаарда Нургелди ага уулуна: «Бут кийимдерди түзөтүүнү билгениңде ушул акчаларды сага бермекмин», – деп тамашалаган тура. Бул сөздөн жаш Сахинин дилинде үй-бүлөсүнө ушул жол менен болсо да көмөк көрсөтүү тилеги пайда болгон го?

*Гайратбек Токтобаев*

## Суроолорго жооп бер

1. Сахи эмне үчүн бут кийим түзөтүүчү уста болууну каалады?
2. Чоңойсоң ким болууну каалар элең?
3. Адам баласына бир эле кесиптин өзү жетиштүүбү?

## Грамматикалык тапшырма

**Көк менен жазылган сөздөрдү уңгу-мүчөгө ажырат.**

Иштешкен, улутундагы, жумуштап, мейманчылап, устанын, куруучу, түзөтүүчү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

88-сабак

# ТЕМИР УСТА



Биздин айылда Болот деген темир уста жашайт. Айылдын четинде анын устаканасы бар. Эртеден кечке Болот ата ушул жерде иштейт.

Ысык отко темирлерди кактап жумшартат. Жумшаган темирди балта менен чапкылап, бычак, маки, балка, балта жасайт. Сынып калган темир идиштерди да оңдоп берет. Айылдын эли Болот атаны абдан сыйлашат. Анткени анын эмгеги адамдарга пайдалуу.

## Суроолорго жооп бер

1. Болот атанын кандай өнөрү бар?
2. Темирден эмнелер жасалат?
3. Сен дагы кандай пайдалуу иштерди аткарат элең?

## Грамматикалык тапшырма

**Тексттеги уңгу түрүндөгү сөздөрдү айтып бер. Өзүңдү текшер!**

Биздин айылда Болот деген темир уста .... Эртеден кечке Болот ата ушул жерде .... Ысык отко темирлерди кактап ....

Жумшаган темирди балта менен чапкылап, бычак, маки, балка, балта .... Сынып калган темир идиштерди да ....

Айылдын эли Болот атаны абдан ....

Колдонулуучу сөздөр: иштейт, жашайт, жумшартат, сыйлашат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# АЛГАЧКЫ ЭМГЕК АКЫМ

89-90-сабак

Күндөрдүн биринде жайлоодогу эл дүрбөп эле калды. Акыл-насаат суроо үчүн чоң энемдин боз үйүнүн алдына топтолушту. Көрсө, үйүрдү баштап жүргөн чоң айгыр өлүп калыптыр.

Айылга чабарман да жиберишет. Эртеси аны менен кошо жайлоого бир орус киши мал доктор келет. Жылкычылар болсо ага айгырдын эмнеден өлгөнүн түшүндүрө албай көпкө алектенишет.

Мал доктур эч нерсени түшүнө албай аң-таң болот. Айгырдын оозун ачып көрөт. Же бир тырыктын, же бир жараттын изин таппайт. Эмне болгонун түшүнө албай, андан бетер башы катат. Биздин жылкычылар болсо орусча билбейт. Тиги орус же кыргызча билсечи.

Мен адаттагыдай эле досторум менен ойноп жүргөм. Чоң энем мени колуман тартып:

– Жүр, улууларга тилмеч болосуң! – деп жетелеп жөнөдү.

Сары чач орус киши:

– Эй, бала! Саламатпы? – деди.

Мен да ага орусча:

– Здравствуйте! – дедим.

– Сен мага жардам бергени келдиңби?

Карачы. Бул чоң ат кантип өлгөнүн мага түшүндүрчү, – деди.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Эл эмнеге дүрбөдү?
2. Келген доктурга эмнеге түшүндүрө алышпады?
3. Баланы ким тилмеч болосуң деп алып келди?

**Уңгулаш сөздөр**

Уңгусу бирдей болгон маанилеш сөздөр **уңгулаш сөздөр** деп аталат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Грамматикалык тапшырма

**Төмөнкү сөздөрдөн уңгулаш сөздөрдү жаса.**
Жылкы, доктур, орус, тил, дос, киши.

**II**

Топтун арасынан бир аксакал мага айгырдын уулуу чөп жеп алып өлүп калганын айтты.

– Биздин бул тоолордо уулуу чөптөр аябай көп өсөт. Жерлик жылкылар аларды жытынан айра тааныйт да, жакын жолобойт. Бирок, бул айгыр ат ошону билбей жеп коюптур, – дедим.

Мал доктур мага:

– Азамат! Эми мен баарын түшүндүм, – деди. Ошол эле жерден дароо айгырдын ууланып өлгөнү тууралуу бир баракка акт жазды, жылкычылар тигил баракка кол коюшту.

Доктурду болсо чоң энемдин өргөөсүнө меймандоого алып жөнөштү. Дароо козу союлуп, конок сыйлоо каадасы башталды.

Мен болсо боз үйдүн тегерегинде адатымча ойноп жүргөм. Бир маалда ичкериге чакырышты. Чоң энем төрдө сөөлөт күтүп, мени сыймыктануу менен карап туруптур. Улуулардын бири мага майлуу жилик узатты.

– Сен аябай зээндүү бала экенсиң. Мынакей, алагой, сага устукан! – деди. Мен сүйүнүп жиликти алдым. Мына, менин алгачкы эмгек акым! Жиликти досторум менен бөлүшүп жедик.

*Чыңгыз Айтматов*

## Суроолорго жооп бер

1. Бала доктурга кантип түшүндүрдү?
2. Аңгемеде кандай кесип ээлери бар?
3. Бала эмне үчүн биринчи эмгек акым деп сүйүндү?
4. Чыгармада кайсы улуу инсандын балалык кези баяндалган?

## Грамматикалык тапшырма

**Төмөнкү сөздөргө мүчө улап, сүйлөм түз.**

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| тил | айгыр | жылкы | күч | | |
| -түү | -луу | -дын | -луу | -чы | -меч |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# АРДАКТУУ КЕСИП ЭЭЛЕРИ

91-сабак

Дүйнөдө ар бир адам ар кандай кесиптерди тандап, иштеп келишет. Алар өздөрүнүн нукура жөндөмдүүлүктөрү жана аракетчилдиги менен тандаган кесибинин сырын ачышкан. Ошону менен катар, атактуулукка жетишишкен. Анда алардан атай кетсек.



**Чыңгыз Айтматов** кыргыз элинин дүйнөлүк жазуучусу, билингвист, котормочу, коомдук жана мамлекеттик ишмер.



**Турсунбай Адашбаев** өзбек жана кыргыз элинин көрүнүктүү балдар акыны, ошондой эле котормочу болгон. Акын кыргыз эли менен өзбек элинин ортосунда алтын көпүрө эле. Ал кесиби боюнча журналист болгон.

Алар тандаган кесиби менен эмес, өзүнүн жөндөмдүүлүгүнүн негизинде иш алып барышкан. Силер да өзүңөр кызыккан, жактырган кесипти тандап, ошол кесиптин ээси болууга аракет кылгыла.

## Суроолорго жооп бер

1. Чыңгыз Айтматов ким болгон?
2. Кесиби боюнча ким эле?
3. Турсунбай Адашбаев кимдер үчүн көп чыгармалар жазган?

## Грамматикалык тапшырма

**Төмөнку сөздөрдөн уңгулаш сөздөрду түз.**

| Сөздөр | Уңгулаш сөздөр |
|---|---|
| кесип | кесиптеш, кесипти, кесиби. |
| жаз | ? |
| дос | ? |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

92-сабак

# БАЛАНЫН ТИЛЕГИ

Эртең дүйшөмбү, жумуш күнү башталат. Баары ишке даярданып жатышат. Атам ооруканада иштейт. Ал – дарыгер. Оорулуу адамдарга жардам берет. Кээде түнү да ооруканада калып кетет. Ал эми апам – мектепте мугалим. Апам экөөбүз эрте менен чогуу кетебиз. Жолдо бара жатканыбызда баары апама салам берет. Окуучулары жол бошотуп, урмат көрсөтүшөт. Апамдын жанында бара жатып, ушундай апам бар экендигинен абдан сыймыктанам. Ал эми Айдай эжем театрда сүрөтчү. Анын өнөрүнө таң калам. Бир күнү сабак даярдап жаткан элем. Эжем мени кайра-кайра карап, кагазга бир нерсени сызып жатты. Качан гана тапшырмамды аткарып болгонумда, ал мага сызган сүрөтүн көрсөттү. Кагазда болсо менин тапшырма аткарып жаткан сүрөтүм турат. Кудум эле өзүм. Эжемди кучактап, ырахмат айттым. А мен чоңойгондо банк кызматкери болгум келет. Азыр мектепте 2-класста окуйм. Менин башкы милдетим – жакшы окуу. Жакшы билим алсаң, ойлогон максатыңа жетесиң.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Досуңдун атасы, апасы, эжеси ким болуп иштешет экен?
2. Сенин атаң, апаң, эжең, агаңдар ким болуп иштешет?
3. Сен келечекте ким болосуң?

## Табышмак

Басып көрөт ичиңди,
Ачып көрөт тишиңди.
Ооруп калсаң эстейсиң,
Эң керектүү кишиңди.

(В...)




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# УЛУУ КОМУЗЧУ

93-94-сабак



Токтогул улуу акын гана болбостон, улуу композитор да болгон. Ал кыргыз музыкасын байыткан. Жүздөгөн жаңы күүлөрдү чыгарган. Токтогул ар бир ырдаган ырына жаңы күү чыгарган.

Токтогулдун «Кербез», «Жаш кыял», «Тогуз кайрык», «Миң кыял», сыяктуу күүлөрү бүт кыргыз элинин маданиятынын кенчине кошулду.

Кыргыздын Атай сыяктуу комузчулары Токтогулдун анык шакирти болуп эсептелет. Токтогул орустун же өзбектин ырларын бир укканда үйрөнүп алып, так өзүндөй аткарган.

Токтогул комузду көп жана көңүлдөнүп черткен.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Токтогул ким болгон?
2. Комузчунун кандай күүлөрү бар экен?
3. Сен да музыкага кызыгасыңбы?

**К, п тыбыштарынын өзгөрүп айтылышы**

Айрым учурларда **к** жана **п** каткалаң тыбыштары менен аяктаган уңгуларга мүчө уланганда г жана б жумшак тыбыштарга өтүп айтылат жана жазылат: к - г, п - б.

Мисалы: калпак – калпагым, топ – тобу, жана башка.

## Грамматикалык тапшырма

**Аягы к менен бүткөн төмөнкү сөздөргө мүчө улап айт.**

Кулак, кирпик, казык, жүрөк, барак, чайнек, кашык, тарак.
Мисалы: кулак+ым = кулагым, ...



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

95-сабак

# КИМ БОЛСОМ ЭКЕН?

Билим берген балдарга,
Болгум келет мугалим.
Эжейимден үлгү алып,
Шыктанып мен турамын.



Чоңойсом болуп, милиция,
Тартипти бек сактаймын.
Жеримдин ойлоп тынчтыгын,
Эл үмүтүн актаймын.



Чек араны коргогон,
Аскер болуу кыялым.
Душмандарды жолотпой,
Эл үчүн кызмат кыламын.



Кызмат кылган элиме,
Дарыгер болсом экен дейм.
Эч бир адам оорубай,
Узак өмүр сүрсө дейм.



## ? Суроолорго жооп бер

1. Сен келечекте ким болууну каалайсың?
2. Ал кесип сага эмне үчүн жагат?
3. Кесип ээси болуу үчүн эмне кылуу керек?

## Грамматикалык тапшырма

**Сөздөргө тыбыштык талдоо жүргүз.**
Мугалим, милиция, аскер, учкуч, чебер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КЫШ

96-сабак

Күздүн эзиле жааган жамгырларынын ордун бубактай болгон кар ээлеп, айлана-төгөрөктү аппак килемине чүмкөп, кыш келди. Түнү менен жаап, жердин бети аппак болуп калыптыр. Суулар бетине айнек тартынып, муз тоңду. Боз асманга үйдүн морунан түтүн булактайт.

Тоого жогору көтөрүлгөн сайын суук болгондуктан, алардын чокусунан жайы-кышы кар кетпейт. Түбөлүк муз тоңуп, мөңгү каптап турат. Бизде кыш февралдын аягына чейин созулат, а кээде ага да жетпей марттын башында жаздын жарчылары – көк чөптөр чыга баштайт.

Кардын кышта көп жааганы айрыкча силерге жакшы. Анткени мында силер жылгаяк тээп, чана сүйрөп, кардан аяз ата жасайсыңар. Кар менен көп кызыктуу оюндарды ойнойсуңар. Кардын көп жааганы дыйкандарга да жакшы. Кар көп болсо эгин да, түшүм да мол болот.

Кыш мезгилинин эң суук, аяздуу күндөрүн элибизде чилде деп аташат. Ал кырк күнгө созулат. «Чил» сөзү тажикчеде кырк санын билдиргени үчүн да чилде дейилет. Адатта чилдени 25-декабрда түшүп, 5-февралда чыкты деп коюшат. Кычыраган суукка карабай, кыш сен өңдүү балдар үчүн ойногонго сонун мезгил.

## ? Суроолорго жооп бер

1. Кышта аба ырайы кандай болот?
2. Чилде, кыроо, аяз деген эмне?
3. Чилде канча күнгө созулат?

## Грамматикалык тапшырма

**Адашкан сүйлөмдөрдүн ордун тап.**

| |
|---|
| Суу көп болсо эгин да, түшүм да мол болот. |
| Суулар бетине айнек тартынып, муз тоңду. |
| Түбөлүк муз тоңуп, мөңгү каптап турат. |
| Түнү менен жаап, жердин бети аппак болуп калыптыр. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*O‘quv nashri*

**ONA TILI VA O‘QISH SAVODXONLIGI**

*(Qirg‘iz tilida)*

Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining 2-sinfi uchun darslik

*Түзүүчүлөр:*
А.Тойчубаева, А. Юнусалиева, А. Зулпихорова,
Г. Элтуйдиева, М. Куганова

Редактору *Кайратбек Токтобаев*
Сүрөтчүсү *Иброхим Пулатов*
Техникалык редактору *Акмал Сулайманов*
Көркөм редактору *Сарвар Фарманов*
Дизайнер *Иброхим Пулатов*
Корректору *Бурулай Душанова*
Компьютерде беттеген *Иброхим Пулатов*

Басууга уруксат берилди ________ Форматы 60x84 1/8.
Arial гарнитурасы. Кегли 18 шпондуу. Офсеттик ыкмада басылды.
Шарттуу басма табагы ___. Эсептик басма табагы ___.
Тиражы ____. Буюртма № ___.

“YANGIYUL POLIGRAPH SERVICE” ЖЧК басмаканасында басылды. 112001,
Ташкент облусу, Янгиюл району, Самарканд көчөсү, 44.

Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE